(2Кыр)
М 22

Э. Мамбетакунов, Ы. Кадыров



# САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ



Бишкек-2010

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

С. НААМАТОВ атындагы НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

**Э.МАМБЕТАКУНОВ, Ы.КАДЫРОВ**

# САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ

**Бишкек - 2010**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**
**М 22**

**Рецензиялаган:** Койчуманов Ж.Ы. –
педагогика илимдеринин кандидаты,
профессор

**Мамбетакунов Э., Кадыров Ы.**
**М 22** Сатыбалды Нааматов. – Б.: ЧП Темирова, 2010. -164 б.

**ISBN 978-9967-04-359-6**

Бул китеп көрүнүктүү окумуштуу-педагог, жазуучу, агартуучу Сатыбалды Нааматовдун өмүр жолуна, ишмердигине арналды. Китепке С.Нааматов жазган эмгектер, китептер жөнүндө маалыматтар, расмий документтер, илимий жыйындарда окулган докладдар, басма сөзгө, китептерге жарыяланган макалалар, эскерүүлөр, архивдик документтер, сүрөттөр киргизилди. Китеп окуучуларга, агартуучуларга, мугалимдерге, студенттерге жана жалпы эле окурмандарга арналган.

М 4702300400-10 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-04-359-6

© Мамбетакунов Э.,
Кадыров Ы., 2010

## Баш сөз ордуна

Урматтуу окурман! Колуңуздагы китеп алгачкы методолог-педагог, жазуучу-котормочу Сатыбалды Нааматовдун өмүрү жана чыгармачылык жолу жөнүндөгү айрым маалыматтарды камтып, анын 105 жылдык маарекесине арналат!

Бул адам жөнүндө китеп жазуу биздин алдыбызга мурдатан максат болуп коюлган эмес. Бирок кийинки учурда түзүлгөн жагдайлар, коомдук пикирлер жана Кыргыз өкмөтүнүн токтому менен С. Нааматовдун ысмы Нарын мамлекеттик университетине берилиши колдо болгон материалдарды чогултуп, элге тартуулоого түрткү берди. Эгерде мындан отуз-кырк жыл илгери ушундай шарт түзүлгөндө өтө эле көп материал топтоого мүмкүнчүлүк бар эле. Анткени биз 1971-жылдын августунан 1975-жылдын сентябрына чейин Бишкектеги Герцен көчөсүнүн 96-үйүндө, азыркы миң түркүн дүкөнүнүн маңдайында С.Нааматовдун жубайы Салима Нааматова (Алексеева) менен чогуу жашадык. Ал үйдө 1967-жылга чейин белгилүү манас-таануучу, фольклор жыйноочу жана изилдөөчү, Сатыбалды аганын таекеси Ыбрайым Абдрахманов (1888-1967) Салима апа менен бирге турган. Ыбрай таекенин сөөгү Ат-Башы районунун Казыбек айылындагы мүрзөгө коюлган. Ал көзүнүн тирүүсүндө эле карындашы Сейилмандын мүрзөсүнүн жанына эстелик жасатып койдуруп койгон. Анын бетине өзүнүн, Сейилман апанын жана Сатыбалды Нааматовдун сүрөтүн чектирген.

Учурунда Салима ападан көп эле маалыматты укканбыз. Ал өтө сезимтал, тууганчыл, чынчыл, адилет, таза адам эле. Өмүр бою борбордогу номер биринчи төрөт үйүндө акушерка болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. Кийин кызы Үмүт менен күйөө баласы, медицина

илимдеринин кандидаты, профессор, дасыккан невропатолог Абдрахман Уманкуловдун балдары Алматай менен Алтынайды тарбиялап өстүрүүгө чоң салымын кошкон. Эртең менен эрте, кызматка барган сыяктуу эле кыз-күйөөлөрүнүн үйүнө барып, кечке чейин балдарына баш-көз болуп, таенелик татыктуу тарбиясын берип, кыз-күйөөсү иштен кайтканда гана кайра үйгө келүүчү. Герцен көчөсүндө турган ошол үйгө биздин туугандардан кимдер гана келбеди, кимдер гана жашабады. Үйгө батпай калганда короодогу чоң өрүктүн түбүндөгү кроваттарга кимдер гана жатпады. Анын баары Ыбрай таекенин жана Салима апанын пейилинин кенендигинен, ак көңүлдүгүнөн жана мээримдүүлүгүнөн эле. Ошол үйдө жашап жүргөндө Сатыбалды ага, анын ата-энелери, бир туугандары жөнүндө чыгаан санжырачы, Нааматтын жакын тууганы Муса уулу Айты, Айтынын аялы Сабира отузунчу, кыркынчы жылдары борбордон окуп билим алышкан ардагер педагог, партиялык жана советтик ишмерлер Карыбеков Акматалы, Мусаев Инаят, Акунов Таке, Токтогулов Белек, Мусаев Самар (алар Сатыбалды аганын инилери болушкан), айылдаштары Ибраев Кадыр, Мамбетакунов Женишбек, Чотке, Аман жана башкалар өтө көп айтышчу. Ал кишинин өзүнүн жана Салима апанын жардамын көрүшкөндүгү үчүн ар дайым эстеп, сыйлашуучу жана сыймыктанышчу.

Сатыбалды аганын өткөн кылымдын 20-30-жылдарында аткарган илимий-педагогикалык, агартуучулук, методисттик, окутуучулук, жазуучулук, котормочулук жана уюштуруучулук иштери жөнүндө ал кишинин замандаштары, окуучулары, филолог окумуштуулар, жазуучулар көп эле айтышкан. Алар Шайык Бекович Жамансариев, Абдырасул Токтомушев, Аскар Осмонкулов, Зияш Бектенов, Жумаш Койчуманов, Салижан Жигитов, Назаркул Ишекеев жана башкалар.

Өзгөчө Аскар Осмонкулов студенттерге курстук иштерди жаздырып, китептерине жазган. С.Нааматов жөнүндө көп эмгектерди жазды. Алардын айрым эскерүүлөрү китепте берилди. Академик Үсөн Асанов Кыргызстандын илимпоздорунун алдыңкы катарына коюп С.Нааматовдун эмгектерин жеткиликтүү даңазалаган, тарыхчы, профессор Ө.Осмонов да ага татыктуу баасын берген.

Окумуштуунун ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу маселесин көтөрүп, анын ишке ашышына көптөгөн адамдар, мекемелер аракет кылышты, кам көрүштү. Ошондуктан Нарын мамлекеттик университетинин жалпы жамаатына (мурдагы жетекчилери профессорлор Акматалиев Алмазбек, Сияев Таштанбек, азыркы жетекчиси профессор Калдыбаев Салидин), Нарын шаардык кеңешинин депутаттарына, Нарын облустук администрациясына, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине (министр Мусаев Абдылда), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, “Кыргыз Туусу” газетасынын башкы редактору Молдокасымов Кыязга, “Эркин Тоо”, “Теңир Тоо” гезиттеринин жетекчилерине жана башкаларга терең ыраазычылык билдиребиз. Ушул маселе боюнча демилгелерди колдоп, андан ары өнүктүрүүгө салым кошушкан туугандар Жапаров Токтаалы, Бокоев Каныбек, Асанов Данил, Оморов Абдылда, Асанов Жолдошбек, Мамбетмусаев Азис, Айтиев Жапарбек, Өмүрзаков Өмүргө Сатыбалды аганын бюстун жасаган скульптор Бакачев Марленге жана ага салым кошкон демөөрчүлөргө жалпы туугандардын жана Сатыбалды аганын балдары, неберелеринин атынан терең алкыш айтып, ыраазычылык билдиребиз.

Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун “Өткөндү эстеп, келечекти күтө билгенибиз үчүн биз барбыз” деген улуу сөзүн эсепке алсак, көзү өтүп кеткен ата-бабалардын, агартуучу агайлардын жасаган эмгегин талдоо, баалоо,

алардын натыйжаларын жаш муундарга жеткирүү азыркы муундардын бирден бир милдети. Чынында эле өткөндөр баркталмайын, тирүүлөр даңкталбайт демекчи, байыркы бабаларыбыздан бери өмүрлөрү уламышка айланып, эл үчүн эмгектенген санжыргалуу инсандарыбыздын өтөлгөлүү өмүрлөрүн жаштарга айта жүрүү элибизде салтка айланган, анткени тарыхыбызга кайрылуу, улуу инсандарыбыздын элге калтырган эмгектерин өрнөк тутуу, алардын арбактарына таазим кылуу менен гана биз өз келечегибизге даңгыр жол ача алабыз. Китепте чогултулган материалдар ушул максатты аткарууга кайсы бир деңгээлде жардам берет деген ишеничтебиз. Сатыбалды Нааматовдун көп кырдуу иш-аракети, эмгектери мындан ары да атайын филологиялык, педагогикалык изилдөөлөрдүн объектиси болорунда шек жок.

С.Нааматовдун урпактарына жана анын атын алып жүргөн теңир-тоодогу Нарын мамлекеттик универитетинин бүткүл жамаатына кенен келечек, ийгилик каалайбыз.

**Авторлор**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ
# ТОКТОМ

БИШКЕК Ш., ӨКМӨТ ҮЙҮ
2009-жылдын 18-декабры, № 786

## Нарын мамлекеттик университетине Сатыбалды Нааматовдун ысмын ыйгаруу жөнүндө

"Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жана окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу Сатыбалды Нааматовдун өтөгөн эмгектерин эске алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

Нарын мамлекеттик университетине окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу Сатыбалды Нааматовдун ысмы ыйгарылсын жана ал мындан ары: "Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети" деп аталсын.

**Премьер-министр** **Д.Үсөнов**

# НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

№ 8/3 12 июнь 2003-ж.

## Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечими

Эл депутаттарынын Нарын облустук кеңѐшинин төрагасы К.Акматбековдун жолдомо катынын негизинде, Ат-Башы районунун тургундарынын Нарын мамлекеттик университетине кыргыздын алгачкы агартуучуларынын бири, репрессия убагында күнөөсүз атылып кеткен Сатыбалды Нааматовдун ысмын ыйгаруу жөнүндө кайрылуусун талкуулап, Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши чечти:

1. Сатыбалды Нааматовдун кыргыз билим берүү тармагына, сабатсыздыкты жоюуга, орто мектептерге политехникалык билимдерди киргизүүгө, кыргыз тилин жана аны окутуунун методикасын өнүктүрүүгө кошкон зор салымы шексиз жана бул факт Сатыбалды Нааматов тарабынан 1929-1938-жылдары чыгарылган 40таң ашык илимий жана илимий-методикалык эмгектери менен далилденет.

2. 1938-жылы “революцияга каршы түзүлгөн, Социалисттик-Туран партиясынын активдүү мүчөсү катары жана Кыргыз ССРинин Наркомпросунун методисти катары революцияга каршы идеяларды окуу китептерине кеңири киргизгени” үчүн деген жалган күнөө менен 32 жашында репрессияга кабылып, атылып жана 1956-жылы өзүнүн кесиптештери, пикирлештери Касым Тыныстанов, Ишеналы Арабаевдер менен кошо акталган Сатыбалды Нааматовдун ысымын, жасаган эмгегин, илимий жетишкендиктерин калың элге жеткирүү Кыргыз

мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп белгиленип жаткан 2003-жылы зор актуалдуулукка ээ экендиги белгиленсин.

3. Белгилүү агартуучу Сатыбалды Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу жөнүндө маселе туура жана зор тарбиялык мааниге ээ деп табылсын. Бул маселени чечүү жагы Эл депутаттарынын Нарын облустук кеңешинен жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинен суралсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор** **А.Акматалиев**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы** **И.Турдалиев**

**Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы – губернатор**
**А.М.Салымбековго**
**Нарын облустук кеңешинин төрагасы**
**К.Акматбековго**

Заманыбыздын белгилүү агартуучусу, окумуштуу-педагог, сабатсыздыкты жоюуну илимий жана практикалык жактан ишке ашыруунун демилгечилеринин жана аткаруучуларынын бири, эне тили жана аны окутуунун методикасын калыптандыруучу, 40тан ашык (1928-1935-жылдар) илимий-методикалык, адабий-хрестоматиялык эмгектердин автору, репрессия учурунда күнөөсүз атылып, кийин 1956-жылы өз кесиптештери жана пикирлештери Касым Тыныстанов, Ишеналы Арабаев жана башкалар менен кошо акталган Сатыбалды Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу жөнүндөгү Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2003-жылдын 12-июнундагы №8/3 чечимин толугу менен колдойбуз.

С.Нааматовдун аз өмүрүндөгү илимий, агартуучулук, методикалык, коомдук эмгектери бул баага татыктуу экендигин белгилейбиз.

| | |
|---|---|
| Педагогика илимдеринин доктору, профессор | Н.И.Ишекеев |
| Педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер | А.О.Осмонкулов |
| Педагогика илимдеринин доктору, профессор | Б.О.Өмүралиев |
| Педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү | Э.М.Мамбетакунов |
| Фил. ил. доктору, профессор, УИАнын корреспондент-мүчөсү, КР илимине эмгек сиңирген ишмер | А.С.Садыков |
| Фил. ил. доктору, профессор, КР илимине эмгек сиңирген ишмер | К.Асаналиев |
| Педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер | Л.А.Шейман |

# САТЫБАЛДЫ НААМАТОВДУН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## С.Нааматовдун өмүр баяны

1937-жылдагы кандуу репрессиянын күнөөсүз курмандыгы болуп, 1957-жылы акталса да совет мамлекетинин күнү бүтүп келаткандагы бардыгы ачык айтыла баштаган "кайра куруу" деп аталган мезгилге чейин алгачкы окуу китептерин жазгандардын көч башында турган кыргыз элинин көрүнүктүү илимпоз-агартуучусу, котормочу, жазуучу С.Нааматов унутта калган. 37-жылдагы репрессиянын запкысын көрүп калган эл репрессиялангандар жөнүндө айтмак түгүл, атын атагандан коркушкан. Натыйжада "элүү жылда эл жаңы" демекчи, ортодо 1937-жылдан 1987-жылдарга чейин 50 жыл убакыт өтүп, С.Нааматовдун ысымы элдин жадынан чыгып бараткан эле. Бирок, тарых акыры калыстыгын кылбай койбойт экен, 1980-жылдардын ортосундагы "кайра куруунун" шарапаты менен басма сөздө С.Нааматов жөнүндө макалалар жарык көрүп, элдин эстутумуна сала баштады. Ошентип, "Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин" деп залкар акын Аалы Токомбаев айткандай С.Нааматовдун элге өтөгөн эмгегин коомчулук кеч болсо да баалап, Ат-Башынын борборуна эстелиги коюлду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен (2009-жылдын 18-декабры, №786) Нарын мамлекеттик университетине ысымы ыйгарылды.

## С.Нааматовдун өмүр баяны энциклопедияларда төмөнкүдөй жазылган

**Нааматов Сатыбалды** (1905, Ат-Башы району, азыркы Казыбек айылы - 1944) – алгачкы агартуучулардын бири, кыргыз адабиятын негиздөөчүлөрдөн. 1926-27-жылдары Алматы шаарындагы Жети-Суу казак-кыргыз эл агартуу институтун бүткөн. 1927-жылдан Кыргыз мамлекеттик педагогика институтунда мугалим болуп иштеген. 1937-жылы сентябрда жалган жалаа менен репрессияланган. Түрмөдө каза болгон. 1956-жылы акталган. Анын "Тунгуч" (1929, А.Шабданов менен бирдикте), "Сабатсыздык жоюлсун" (1-бөлүм, 1929, 2-бөлүм, 1930, чоңдор үчүн алиппе), "Чала сабаттуулар үчүн окуу китеби" (1930), "Кичинекей колхозчу" (1931, балдар алиппеси), "Окуу китеби" (1-бөлүм, 1933, 2-бөлүм, 1934) ж.б. окуу китептери жарык көргөн. Айрымдары бир нече жолу кайра басылган. "Тилибиздин методикасынан" (1932), "Анык политехникелешкен мектеп үчүн күрөшүү" (1932) ж.б. окуу-усулдук китептерди да жазган. Ошол мезгилде элдин сабатсыздыгын жоюу, алиппени окутуу усулу боюнча көп эмгектенген. "Жөжөлөр. Молдо Сасык" (1928), "Тынымкан" (1930) ж.б. аңгемелер жыйнактары да чыккан. Бардыгы 35тей китептин автору болгон. Ыр, поэма да жазган. Лакап аты "Эпкин" болгон. (Нарын облусу. Энциклопедия, Бишкек.1998, 303-бет).

**Нааматов Сатыбалды** – (1905-1938) алгачкы 20-30-жылдардагы агартуучулардын бири, тунгуч методист, калайык калктын сабатсыздыгын жоюу ишине активдүү эмгек сиңирген. Кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасына алгач чыйыр салган. Сабатсыз аялдар үчүн Алиппе (Ф., 1929), Сабатсыздык жоюлсун (1929), чала сабаттуулар үчүн окуу куралы (1930), Сабаттуу колхозчу (1932), Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөткүчү (1935) деген сыяктуу өз мезгили үчүн зарыл

эмгектерди жазып ишке киргизген. (“Кыргыз педагогикасы”, Энциклопедиялык окуу куралы, Бишкек, 2004, 222-бет).

С.Нааматовдун кыскача өмүр таржымалы бул эки энциклопедиядан тышкары академик Ү.Асановдун “Кто есть кто в киргизской науке” деген китебинде (Б., 1997), профессор А.Осмонкуловдун илимий жана методикалык китептеринде, Б.У.Урстанбеков менен Т.К.Чороевдин “Кыргыз тарыхы” деген кыскача энциклопедиялык сөздүгүндө, профессор, тарыхчы Ө.Осмоновдун эмгектеринде, “Бабабыз Кошой жердеген Ат-Башы XXI кылымдын босогосунда” (Б., 2001) деген китептерде да ушул сыяктуу кыскача берилген. Жаш изилдөөчү Өмүркул Өмүрзаков 2002-жылы “Сатыбалды Нааматов – окумуштуу-педагог” деген чакан китепче чыгарган. Айрым китептерде каза болгон жылдарында айырмачылыктар бар, ал 1957-жылы акталганда берилген маалымкат боюнча алынган.

## С.Нааматов – алгачкы кыргыз интеллигенциясынын катарында

Белгилүү педагог, окумуштуу Зияш Бектеновдун “Замандаштарым жөнүндө эскерүү” аттуу адабий эскерүүлөр китебинде (Бишкек, “Адабият”, 1992) төмөнкүдөй сөздөр жолугат: “1930-жылдын жайында биз Борбордук педагогия техникумун бүтүрүп жаткан кезде, республикалык жооптуу кызматчылардын Фрунзедеги теориялык семинарына катышып калдык.

Ал семинарга Жайнак Саадаев, Жусуп Абдрахманов, Турдалы Токбаев, Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Осмонкул Алиев, Сатар Кулматов, Токчоро Жолдошев, Базаркул Данияров, Ыбрай Тойчинов, Акматбек Жумабаев, Акун Мыктыбеков, Абдылда Айылчинов, Калим Рахматуллин, Сатыбалды Нааматов

жана дагы бир топ чоң кызматчылар катышып отурушту (30-бет).

Алма-Атадагы казак, кыргыз эл агартуу институтун 1925-жылы кыргыз уландарынан: Токчоро Жолдошев, Ажыйман Шабданов, Ажыгабыл Шабданов, Султан Курманов, Касымаалы Баялинов, Садыбакас Мураталиндер, 1927-жылы Ысырайыл Курманов, Турдакун Сопиев, Акбагыш Чыңгышевдер, 1928-жылы Сатыбалды Нааматов, Мусакан Калпаев, Жолдош Мусабаевдер бүтүрүшөт (166-бет)"

Ал эми Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тарых институтунун улуу илимий кызматкери, тарых илимдеринин кандидаты Ж.Сагындыкова 1989-жылдын 22-декабрында "Мугалимдер газетасына" чыккан макаласында "Кыргыздын алгачкы интеллигенттеринин тобун түзгөн Токчоро Жолдошев, Касымаалы Баялинов, Султан Курмановдор менен бирге окуган Нааматов Сатыбалды 1928-жылы Алма-Атадагы казак агартуу институтун бүтүргөн. Техникумда эне тили жана адабияты, эне тилин окутуунун методикасы боюнча сабак берип, программаларды түзүп, педагогикалык практиканы жетектеген. Кыргыз мектептери үчүн бир нече окуу китептерин түзүп, программаларын иштеп чыккан. С.Нааматов 30-жылдары Кыргыз эл агартуу Комиссариатында иштеп, ошол эле учурда жаңыдан ачылган Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунда сабак берген.

Бирок Б.Данияров, С.Нааматов жана башка көптөгөн кадрлар биринчилерден болуп алган билимдери, жаңыдан ачылып келе жаткан чыгармачылык таланттары, күжүрмөн ишмердиктери, күлгүндөй жапжаш өмүрлөрү, социализмдин жолуна жаңы түшкөн кыргыз элинин адабий-маданий майданын терең байыта албай, 30-

жылдардагы репрессиянын каардуу жылдарына туш келгени кейиштүү”- дейт.

Мына ушул эки цитатадан эле С.Нааматовдун алгачкы кыргыз интеллигенциясынын бири экендиги, иштеген кызматы, жасаган эмгектери аздыр көптүр байкалып турат.

## С.Нааматов – алгачкы агартуучулардын бири

С.Нааматовдун педагогикалык ишмердиги, окуу китептерин жазган учуру эң бир татаал мезгилге туш болгон. Себеби, ал 1928-жылы институтту бүтүрүп келсе, 1929-жылдан тартып кыргыз жазмасы араб алфавитинен латын алфавитине өтө баштаган эле. Буга чейин 1911-жылы чыккан И.Арабаев менен К.Сарсекеевдин “Алиппе жана төтө окуу”, 1924-жылы чыккан К.Тыныстановдун “Окуу китеби”, 1925-жылы чыккан И.Арабаевдин “Кыргыз алиппеси” араб алфавитинде болгон. Араб алфавити менен сабаты ачылгандар кайрадан сабатсыздыкка туш болуп, элдин алдында латын алфавитин үйрөнүү проблемасы жаралган. С.Нааматовдун балдар үчүн, чоңдор үчүн алиппелери, жаңы эле кабыл алынган латын алфавити менен жазылып, ошол мезгилде балдарга да, чоңдорго да жол көрсөткүч болуп берген. Бул жагдайдан алганда 1930-жылдан 1942-жылга чейин колдонулган латын алфавити менен жазылган китептердин алгачкылары С.Нааматовдун алиппелери, окуу китептери болгон.

Ошентип 1930-35-жылдар аралыгында анын балдар үчүн 5 алиппеси, чоңдор үчүн 7 алиппеси жарык көргөн. Алар бир нече жолу кайра басылган. Мисалы, “Сабаттуу колхозчу” деген чоңдор үчүн алиппеси 7 жолу оңдолуп, толукталып чыгарылган. Чыгарылганда да ошол учурда эмес, азыркы кезде таң каларлыктай тираж менен чыккан. Алсак, “Сабатсыздык жоюлсун”, “Сабаттуу колхозчу” (5 жолу басылган) деген чоңдор үчүн алиппелери 100000 (жүз

миң), балдар үчүн алиппелери 40000 50000 (кырк-элүү миң) тираж менен чыгарылып турган. С.Нааматов башка авторлорго салыштырганда ошол кезде рекорд коюп, өтө эле көп китеп чыгарган.

Ушул мезгилдин дагы бир өзгөчө жагы ал кезде балдарды, айрыкча кыздарды мектепке тартуу чоң проблема болуп турган.

Ошентип С.Нааматов реформаланган кыргыз алфавитин биринчи колдонгон, ушул тамгада алгачкы алиппени жазган, балдардын да, чоңдордун да сабатын туташ ачууга өзгөчө эмгек сиңирген автор болуп эсептелет.

## С.Нааматов – илимий-педагогиканын негиздөөчүлөрүнүн бири

С.Нааматов институтту методист адистиги боюнча бүтүп, басмада редактор, ошол эле учурда педтехникумда мугалим болуп иштөө менен алган билимин аз эле убакыттын ичинде өз алдынча өркүндөтүүгө жетишкен. Техникумда "Нормивный грамматикадан" сабак берип, ушул эле кезде Окуу китептерин жазуу менен катар эле эне тилди окутуу методикасы боюнча 5 китеп жазган. Өзү түзгөн окуу китептерин кандайча окутуу керектигин түшүндүргөн. Эне тилди окутуу боюнча алгачкы методикалык макалалардын, китептердин автору болгон. Бул айтылгандарды филология илимдеринин доктору, профессор Аскар Осмонкуловдун 1991-жылдын 1-февралындагы "Мугалимдер газетасына" чыккан "Биринчи иретте жетекчилерге байланыштуу" деген макаласындагы "С.Намат убагында көп иштерди аткарып, "Алиппеден" баштап ондогон окуу китептерди жазуу менен жогорку окуу жайларына кыргыз тилинин усулдугунан дарс окуп, көп сабактардын план-конспектилерин түзүп, кыргыз тилин окутуу усулдугуна негиз салган- деген сөзү да далилдеп турат.

Мына ушул сөздөрдү бышыктаган дагы бир пикирди келтирели. "Кыргыз ССР педагогика ойлорунун антологиясы" (Антология педагогической мысли Киргизской ССР – Москва: "Педагогика", 1988. – 368 бет) аттуу китепке карата жазылган педагогика илиминин кандидаты (азыр илимдин доктору, профессор) Назаркул Ишекеевдин "Антология, сапатың кандай?" аттуу рецензиясында "Антология жөнөкөй эле китеп эмес, ошондуктан анын нарк-дөөлөтүн таразалоочу ченөлчөмдөр арбын, менимче, уңгулуу белгилердин бири – эне тилдин, улуттук адабияттын мектепте окутулушу, педагогикалык аспектиде изилдениши болуш керек. Тилекке каршы, бул тармакка байланыштуу бир дагы методикалык макала, эмгек киргизилбептир. А чындыгында Э.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Нааматов жана башка ысымдарсыз республикадагы илимий-педагогикалык ойдун пайдубалын элестете албайм, андыктан антология тарыхый-агартуучулук чындыктан буйтап кеткендей" ("Кыргызстан маданияты", №29, 20-июль, 1989-жыл), деп Москвадан чыккан антологияга аталган баштооч-окумуштуулардын кирбей калганына наразылыгын билдирүү менен, С.Нааматовдун илимий-педагогикада бараандуу салымы бар экендигин дагы бир жолу далилдеген.

Анын "Эне тилинин методикасы" деген 1930-жылы чыккан эмгегинде тилдин келип чыгуу тарыхы, окуганга, жазганга үйрөтүү, балдардын сөзүн өстүрүү, көркөм чыгармаларды окутуу методдору көрсөтүлгөн. Бул эне тилди окутуу боюнча алгачкы методикалык эмгек болуп эсептелет.

## С.Нааматов – журналист

50790

С.Нааматовду алгачкы журналисттерден болгон деп айтууга толук негиз бар. Себеби 1928-жылдын 5-майынан

тартып кыргыз тилинде чыга баштаган "Жаңы маданият жолунда" деген педагогикалык журналга, "Кызыл Кыргызстан" гезитине анын макалалары байма бай жарыяланып турган. Бул журналга кыргыз тили менен адабиятын окутуу маселелери, эл агартуу мекемелеринин иштерин жакшыртуу үчүн педагогикалык жана методикалык мүнөздөгү маселелер, алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтууга арналган макалалар ж.б. жарыяланган.

Ушул журналга С.Нааматовдун "Фрунзенин мектептери республикадагы бардык мектептерге үлгү болууга тийиш" (1928, №1), "Мектептин кезектеги милдеттери тууралуу" (1930, №3-4), "Бизге жаңы окуу китептери керек" (1931, №3-4), "Сабактын бети" (1934, №1), "Текшерүү сыноосуна чейинки даярдык жумуштары тууралуу" (1934, №5,6) ж.б. макалалары, ошондой эле "Кызыл Кыргызстан" гезитине "Мугалимдердин үндөрүнө төрөчүлүк кылуу бүтсүн" (1934-жыл, 23-май), "Педагогика техникасына ээ бололу" (1934, 15-июль) ж.б. макалалары жарыяланган. Бул макалаларда ошол мезгилдин талабы катары курч турган сабатсыздыкты жоюу, бардык балдарды мектепке тартуу, Чүй, Араван, Кара-Буура, Ноокат райондорунун мектептериндеги, борбордогу №8 мектептеги уюштуруу иштеринде болуп жаткан кемчиликтер, китептин жетишсиздиги, мугалимдердин чала сабат экендиги, программаны колдоно албастыгы ж.б. жөнүндө сөз болгон. Окумуштуу З.Бектеновдун айтуусу боюнча Сатыбалды Нааматовдун ылакап аты Эпкин болгон (З.Бектенов, "Замандаштарым жөнүндө эскерүү", 52-бет).

## С.Нааматов – жазуучу

С.Нааматов кыргыз адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири катары да белгилүү. Анын "Жаңы маданият жолунда"

журналынын 1928-жылдагы №5,6,7 жана 1929-жылдагы №1 санына "Барса келбес сапар" деген повести, "Кызыл Кыргызстандын" 1928-жылдын 2-февралындагы санына "Ким жазыктуу" аттуу аңгемеси басылган. 1930-жылы "Тынымкан" деген аңгеме китеби чыккан. Анын келечектүү жазуучу экендигин төмөнкү пикирлер айгинелеп турат.

Көрүнүктүү адабиятчы, филология илимдеринин доктору С.Жигитов "Унутулгус инсан" деген макаласында (Советтик Кыргызстан, 25-октябрь, 1989) "... кыргыз совет адабиятына негиз салгандардын ичинде С.Карачев менен К.Тыныстанов экөөнөн башкалары да бар. Алардын көрүнүктүүлөрү деп Бөрү Кененсарин, Сатыбалды Нааматов, Шарип Көкөновдорду атасак болот" десе, ал эми белгилүү адабиятчы, окумуштуу Зияш Бектенов "Замандаштарым жөнүндө эскерүү" аттуу адабий эскерүүлөр китебинде (Бишкек, "Адабият", 1992) "Ошол мезгилде кыргыз жазуучуларынын ичинен кара сөз менен аңгеме жазгандардын чеберлери: Касым Тыныстанов, Сыдык Карачев, Касымалы Баялинов, Сатыбалды Нааматов, Узакбай Абдукаимов жана Ташым Байжиевдер болучу" дейт (111-бет).

Ал эми ошол эле С.Жигитов "Көңүл бурулчу жумуштар" аттуу макаласында ("Кыргызстан маданияты", 19-май, 1988-жыл) "Кыргыз тилинде 1928-жылдын май айынан "Жаңы маданият жолунда" деген илимий-педагогикалык жана адабий-көркөм журнал чыга баштаган. Биздин В.И.Ленин атындагы республикалык китепканада ал журналдын 1928-1930-жылдары чыккан сандарынын бирөөнөн башкасы бар. Бир өкүнүчтүү нерсе: ошо сакталбай калган санында (№3-4, 1928) Сатыбалды Нааматовдун "Барса келбес сапар" деген "узун аңгемесинин" (повестинин) баш жагы басылыптыр. Повесттин уландысы журналдын кийинки сандарына (№5,

6, 7, 1928) жарыяланыптыр. Мен "Барса келбес сапар" повестин окуп, анын ичинде эмнелер кеп кылынганын элге-журтка билдирип коёюн деп "Жаңы маданият жолунда" журналынын 1928-жылкы №3-4 санын аябай издедим. Республикалык Ленин атындагы китепкана аркылуу журналдын ошо санын Москва, Ленинград, Ташкент, Алматы калааларындагы айрым чоң китепканалардан сураттырдым. Бир жерден да дайын чыккан жок", - деп күйүп-бышат. Мына ушул пикирлердин өзү эле анын кыргыз адабиятынын башатында тургандардын катарында экендигин айгинелейт.

Дагы бир фактыга көңүл буралы. "1930-жылы 28-ноябрда Кыргыз Пролетар жазуучуларынын ассоциациясынын (ал 1926-жылы уюштурулган, азыркы Кыргызстан Жауучулар союзу – авт.) жыйыны болуп, көркөм адабиятты социалисттик курулушка жакындатуу боюнча Ы.Тойчинов доклад жасайт. Секретариатка Тойчинов, Дунаев, Абдукаримов, Руднев, Карачев, ал эми секретариаттын кандидаттыгына Нааматов, Бөкөнбаев шайланат" ("Кыргыз адабияты". Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү, Түзгөндөр Шериев Жээналы, Муратов Абдыкерим, Бишкек, 1994, 139-40-беттер). Демек С.Нааматов Кыргызстан Жазуучулар союзун түптөгөндөрдүн катарында болгондугу да бул жерден көрүнүп турат. Ал СССР Жазуучулар союзуна мүчөлүккө өтүүгө үлгүргөн эмес, анткени, биринчиден СССР Жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алуу 1934-жылы май айында башталса, экинчиден С.Нааматов 1930-жылдан кийин окуу китептерин, методикалык эмгектерди жазууга, педагогикалык ишмердикке баш-оту менен киришип кетип, көркөм чыгарма жазууга убактысы өтө эле аз болуп калганы жасаган эмгектеринен айкын эле көрүнүп турат.

## С. Нааматов – балдар жазуучусу

С.Нааматовду балдар адабиятынын баштоочусу катары кароо да жөндүү. Анткени, 1929-жылы анын "Жөжөлөр. Молдо Сасык" деген балдар үчүн жазган китеби жарык көргөн. Өзү түзгөн окуу китептерине анын өзүнүн балдар үчүн жазган чыгармалары да кирген.

## С. Нааматов – акын

С.Нааматовду кыргыз поэзиясын түптөөгө салым кошкон алгачкы акындардын бир деп тартынбай эле айтууга болот. Анткени 1928-жылы анын 40 куплеттен турган "Түштүктө жер төңкөрүшү" деген поэмасы "Жаңы маданият жолунда" журналынын №2 санына жарыяланса, "Алай" деген узун ыры 1929-жылдагы №6-7 санына чыккан.

"Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" (I том, "Илим", 1987) аттуу китепке карата жазылган окумуштуулар Киреше Иманалиев менен Абдылда Мусаевдин "Жаңы бийиктиктен" (КМ, 23-февраль, 1989) деген макаласында аты аталган китепте бир катар акындар жөнүндө айтылганын жана "... Булардан сырткары улуттук басма сөзгө өздөрүнүн ырларын, поэмаларын жарыялашкан, жаңы поэзиянын пайда болушуна жана өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде эмгек сиңиришкен Ж.Жамгырчиевдин, Б.Кененсариевдин, С.Карачевдин, С.Нааматовдун, М.Токобаевдин поэтикалык тажрыйбалары тууралуу сөз жүрөт", деп, С.Нааматов дагы алгачкы акындардын катарында болуп, адабият күйөрмандарынын арасында кеп-сөзгө илинип калганын белгилешет.

Ал эми карыя журналист, СССР Журналисттер союзунун мүчөсү Т.Кекиликов 1989-ж. 7-февралда "Ленинчил жашка" чыккан "Масыраалы Кырбашев" аттуу

макаласында ошол мезгилдеги саясий кырдаалды чагылдырып, агынан жарылып мындай деген: "Кызыл учкундун" жыйынына келип, акыл-насаат айтуучулардын ичинде Аскар Идрисов, Сатыбалды Нааматов, Бөрү Кененсарин болор эле. Бир күнү мына ошондой жыйын убагында мен Масыраалыдан Сатыбалды тууралуу "Бай-манаптын тукумунан дешет го? Сенин Ат-Башыңдан экен. "Кой терисин жамынган карышкыр" болсо керек. Эмне үчүн гезитке жазбайсың, эл мындайларды жазып жатышпайбы?" десем, "Менсиз да жаза тургандар бар эмеспи. Улууларды өзүлөрүнүн теңтуштары жазганы жакшы го" деп күлүмсүрөп койду. Улууларга обу жок тийишкенди ылайык көрбөдү окшойт. Бирок, Сатыбалды өзү кичи пейил, маданияттуу, үнүн таптап сүйлөгөн салабаттуу киши эле" Бул жерден С.Нааматов акын гана эмес, жаш талапкерлерге насаатчы экенин да баамдоого болот.

Анын ошол мезгил үчүн жаңыча ыкма, жаңыча форма, жаңыча ыр уйкаштыгы менен жазылган "Билимдүү бол" ж.б. ырлары "Сабаттуу колхозчу" ж.б. алиппелерине берилген. Ошентип, С.Нааматов ошол мезгилдеги жаңы поэзиянын жаралышына жана өрүш алышына кандайдыр бир деңгээлде салым кошкон.

## С.Нааматов – драматург

С.Нааматов кыргыз драматургиясына чыйыр салгандардын да катарында турган. Анткени ал "Он алтынчы жыл" деген пьеса, "Шексиз тилек" деген сатиралык аңгеме жазган. Бирок, бул пьесасы сахнада коюлганы же коюлбаганы жөнүндө маалымат таба албадык.

## С.Нааматов – котормочу

С.Нааматов алгачкы котормочулардын да бири болгон. Ал Д.Фурмановдун "Козголоң" деген пьесасы, М.Горькийдин "Егор Булычеви" сыяктуу көркөм чыгармаларды, "Кыргыз аялы өзү жөнүндө эмне билүү керек" (1926, китеп), башталгыч класстар үчүн бир нече программаны которгон. Жубайы Салима Нааматованын айтуусу боюнча репрессияланган учурда М.Шолоховдун "Тынч донун" которуп жаткан.

Зияш Бектенов жогоруда аталган китебинде 1929-жылдын экинчи жартысынын аяк ченинде казак тилинен Нааматов Сатыбалды которгон Гоголдун "Текшерүүчүсү", Фурмановдун "Козголоңу" жана казактардын "Шернияз" аттуу пьесаларын жана Мамасалы Абдукаримов экөөбүздүн орус тилинен которгон Островскийдин "Күтүлбөгөн жерден алтын табылды" аттуу пьесасын кыргыз драм театрынын артисттери сахнага алып чыгышты (104-бет), 1929-жылдын экинчи жарымында кыргыз драмгруппасынын артисттери орус театрынын атасы Н.Островскийдин "Не было ни гроша да вдруг алтын" аттуу пьесасын "Күтүлбөгөн жерден алтын табылды" деген ат менен сахнага алып чыгышты. Бул пьесаны орус тилинен которууну театрдын директору, ошол кездеги көрүнүктүү окумуштуу жана жазуучу Сатыбалды Нааматовго тапшырган экен. Өзүнүн убактысы жок болгондуктан, Нааматов аны бизге берип, аны Мамасалы Абдукаримов - экөөбүз которгон элек (132-бет)" деп абдан маанилүү маалыматтарды берет. Демек ал которгон бир нече пьеса Кыргыз драма театрында коюлган.

## С.Нааматов – адабий сынчы

С.Нааматов ошол мезгилге жараша адабий сын боюнча да бир катар эмгектерди жазган. "1929-жылы "Жаңы маданият жолунда" деген журналдын №5 санында

Сатыбалды Нааматов С.Карачевдин “Эрксиз күндөрдө” деген повестин бай-манаптарга жан тартуу менен жазылып, жаңы салт-санаа үчүн бетке чиркөөлүк кылган чыгарма деп катуу сынга алган”- дейт С.Жигитов “Дагы бир сынган бугу” деген макаласында (Кыргызстан маданияты, 22-июнь, 1989). Ушул эле макала жөнүндө “Кыргызстан маданиятынын” 1992-жылдын 17-сентябрындагы санына жарыяланган “Карачевди ким эстейт?” деген макаласында жазуучу Самсак Станалиев төмөнкүлөрдү айтат: “Эрксиз күндөр” деген тун повесть жарыяланаар замат С.Нааматовдун чыгарманын атын кайталаган сын макаласы “Жаңы маданият жолунда” (1928, №5) журналына жарыяланат. Идеясы булганч, саясаты бузук деген ой коомдук пикирдин пайда болушуна алып келет. ...Нааматовдун бир жактуу, негизсиз айыптоолорун А.Токомбаев тереңдетип (1931-ж.), андан кийин анын аты тааныш тизмеден түшпөй калат.

Ал эми белгилүү адабиятчы Кадыркул Даутов “Адабий сын кантип жаралган?” деп аталган көп томдуу эмгегинин биринчи китебинде Сатыбалды Нааматовдун сынчылык эмгектери жөнүндө жазган. Бул китепте Аалы Токомбаевдин “Ленин тууралуу” деген китебине С.Нааматовдун “Ленин тууралуу” деген сын-пикири, С.Карачевдин аңгемесине сын макаласы тууралуу сөз кылган.

## Репрессия

Кыргыз элинин каймагы өткөн кылымдын 16-жылындагы Улуу үркүндө бир калпынса, отузунчу жылдардагы кулакка тартууда экинчи, 37-жылдагы репрессияда үчүнчү, Улуу Ата Мекендик согушта төртүнчү жолу калпынган. Ушулардын ичинен эң кайгылуусу да, эң өкүнүчтүүсү да “жылкы тээп, жылан чакпай туруп” тынчтык мезгилде “партиялык тазалоо” деп аталган 37-

жылдагы репрессия болгон. Элдин эң алдыңкы, зирек, таланттуу, билимдүү катмарына "эл душманы" деген жарлык тагылып, биринин колу менен бирин жайлаткан. Ошентип баш көтөргөнүн жалпайта чаап, аман калгандарынын жүрөгүнүн үшүн алып, көр тирликтин көйгөйүнөн баш көтөрө албай түркөй болуп калган элди башкаруу оңой болорун далилдеген ошол саясат кыйлага созулган.

Мына ушундай эл ичинде, эл ишинде жүрүп "эл душманы" аталган, элге арнаган өрнөктүү эмгеги кайра өзүнө муш болгон, калкына арнап кара жанын карч урган кызматы үчүн каран күнгө туш болгон мезгилди коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги Абдыганы Эркебаев 1991-жылы "Адабият" басмасы чыгарган "Касым Тыныстан уулу" аттуу китепке жазган "Жаңы маданиятыбыздын көч башы" аттуу макаласында төмөнкүчө сүрөттөйт:

"Ошол мезгилдин сынын окуп отурсаң, "эски", 1924-25-жылга чейинки акын-жазуучуларга коюлган саясий күнөөлөр булар: "бай-манапчыл", "Контрреволюциячыл", "улутчул" ж.б. А аргументтер кайсылар дебейсизби? Эгер чыгармада бай-манаптар сүрөттөлсө анда автор "бай-манапчыл", эгер пролетариат диктатурасы даңкталбаса "контрреволюциячыл", өткөн турмуш көрсөтүлсө "өткөндү көксөйт", "улут" деген сөз кездешсе "улутчул" болот ж.б.у.с. Атүгүл фольклордук сюжет менен образ, айталы, Манас, Жаңыл Мырза кездешсе, автор "феодалчыл" болуп чыга келет. Эң кызыгы – табият, өмүр, махабат жөнүндөгү ырлар да идеологиялык-саясий жактан зыяндуу болуп бааланат, анткени аларда пролетариат идеологиясы жок имиш. Ушул көз караштан караганда К.Тыныстановдун, С.Карачевдин, Ш.Көкөновдун, С.Нааматовдун, Б.Кененсариевдин чыгармалары эле эмес, 1920-жылдары өзүнчө китеп болуп

чыккан “Семетей” эпосу, Боогачынын “Күйгөн”, “Секетбайы”, К.Баялиновдун “Ажары” да “бай-манапчыл”, “эскичил” катары айыпталган. Кыскасы, ал мезгилде фольклорду өзүнчө талдап-билүү, адабияттын эстетикалык табиятын түшүнүү деген болгон эмес...

Адабият майданында башталган мына ушул жагымсыз көрүнүштөр бара-бара партиялык-мамлекеттик деңгээлге көтөрүлгөн. Натыйжада 1930-жылдардын башында партиялык-мамлекеттик документтерде башкалар (С.Карачев, Ш.Көкөнов, С.Нааматов ж.б.) менен бирдикте К.Тыныстановго да олуттуу саясий айыптар коюлуп, кийинчерээк (1933-1934-жылдары) ал “контрреволюциячылдыктын жана улутчулдуктун башкы идеологу” деп аталган” (189-90-беттер).

Мында таасын айтылгандай ушул саясий кампания С.Нааматовду да кыйгап өткөн эмес. Кыйгап өтүшү да мүмкүн эмес эле. Анткени Сатыбалды ошол мезгилдеги интеллигенциянын алдыңкы сабында турган. Андай билимдүү адамды көрбөй калуу “сасий сокурдук” болмок.

С.Нааматов 1927-жылдан эмгек жолун баштаса, 1937-жылга чейинки 10 жыл аралыгында гана жогоруда айтылган эмгектерди жасаганы эмне деген гана эрдик, эмне деген гана батылдык жана баатырдык!

Бирок дагы бир нерсени эске алышыбыз керек. Эмгектеринин басмадан чыккан жылдарына көз жүгүртсөк 1928 – 1935-жылдар гана болуп чыгат. Анын репрессияланганга чейин, башкача айтканда 1936-37-жылдары бир да китеби чыккан эмесли же жазбай калганбы. Андай болушу такыр мүмкүн эмес. Анткени ушунча эмгек жазган адам, болгондо да акылы толуп, көзү каныгып, тажрыйбасы топтолуп, энергиясы ташкындап турган учурда китеп жазбай туралмак эмес. Ошондо жогоруда айткан 10 жыл аралыгында деген сөзүбүз дагы анча туура болбой, бизге жеткен эмгектерин ал 7 – 8 жыл

аралыгында эле жазган болуп чыгат. Демек, анын кийинки жазган эмгектери элге жетпей калган. Ошондой болсо да айтор анын элине бере турган эмгеги али алдыда болучу. Ал репрессияланган учурда 33 гана жашта эле.

## Эмгек бааланыш керек

Элине татыктуу эмгек өтөп, көздөрү өтүп кеткен адамдарды эскерип, алар жөнүндө кийинки муунга билдирип туруу улуулардын парзы. Аны менен көздөрү өткөн инсандардын учурунда жасаган эмгектери бааланып, жакшы иштерин жаштар үлгү, өрнөк тутуп, арбактары ыраазы болсо, алардын артында калган тирүүлөрдүн жүздөрү жарык болот. Ушул жагдайда профессор А.Осмонкулов "Мугалимдер газетасынын" 1989-жылдын 27-октябрдагы санына чыккан "Башка тилдердин тажрыйбасына таянсак" деген макаласында "Педагогика" басмасынан 1979-жылдан бери "Педагогикалык изденүүлөр: тажрыйба, проблема, табылгалар" деген серияда ондогон китептер жарык көрдү. Бизде мындай китептердин чыгышы өтө солгун. Алсак, эки жолу Ленин орденинин ээси болгон А.Аралбаев, Социалисттик Эмгектин Баатыры А.Койчуманов, алгачкы окуу китептеринин жана методикалык эмгектердин түзүүчүлөрү, окумуштуу-агартуучулар К.Тыныстанов, Э.Арабаев, С.Нааматов ж.б. тууралуу атайын китептерди, же жыйнактарды чыгаруунун канчалык мааниси чоң", дейт. Агайыбыздын бул пикири айныксыз чындык, ар дайым колдоого татыктуу. Ал эми С.Нааматовдун эмгегине чындап баа берүү, өзүнүн татыктуу ордунан орун берүү, эмгектерин илимий жактан изилдөө, элге жеткирүү сыяктуу иштер али алдыда. Нарын университетине ысымынын ыйгарылышы мамлекет тарабынан анын эмгегине берилген эң туура баа.

## САТЫБАЛДЫ НААМАТОВДУН ЫСЫМЫН ТҮБӨЛҮККӨ КАЛТЫРУУГА БОЛГОН АРАКЕТТЕР

### АТЫЛЫП КЕТКЕН ААЛЫМДЫН АТЫ КОЮЛСА

**Кыргыз Республикасынын Президенти К.С.Бакиевге
Кыргыз Республикасынын
Премьер-министри И.В.Чудиновго
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
төрагасы А.Тагаевге**

### АЧЫК КАТ

**Урматтуу Курманбек Салиевич!**

Сиз 27-январдагы өзүңүздүн элге Кайрылууңузда "Биз бардыгыбыз, саясатчылар, чыгармачыл жана илимий интеллигенциянын өкүлдөрү, бир суроого так жооп берүүгө тийишпиз. Улут катары биз кимбиз?" – деп айттыңыз. Бул мен Кыргызстандын жараныммын деген ар бир атуулду терең ойго сала турган маселе. Ушул өңүттөн алганда биз өзүбүздүн тарыхыбызга кайрылып, анын ар кандай учурунда кыргыз элинин бүтүндүгүн, көз карандысыздыгын камсыз кылууга, билимин жана маданиятын өнүктүрүүгө салым кошкон улуу инсандарыбыздын эмгегин туура баалап, алардын атын өчүрбөй муундан-муунга даңазалап өткөрүп туруу ыйык милдетибиз деп эсептейбиз. Ошондой эске сактап, эмгегин элге даңазалап, атын өчүрбөй жүрө турган инсандарыбыздын бири – окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу Сатыбалды Нааматов. Бул киши 1928-жылы Алматы агартуу институтун бүтүп келгенден кийин Эл агартуу комиссариатында, Кыргызмамбаста кыргыздын белгилүү инсандары Касым Тыныстанов, Токчоро

Жолдошев, Базаркул Данияров, Кусеин Карасаев жана башкалар менен үзөңгүлөш иш жүргүзгөн. Кийин борбордук техникумда, педагогикалык институтта окутуучу болуп иштеген. 30-жылдардагы кыргыздын алгачкы интеллигенттери: академик Бегималы Жамгырчиев, акындар Алыкул Осмонов, Абдрасул Токтомушев, агартуучулар Зияш Бектенов, Тазабек Саманчин, Ташым Байжиев жана башкалар С.Нааматовдон билим, таалим-тарбия алышкан.

20-30-жылдарда сабатсыздыкты жоюу үчүн күрөш жүрүп жатканда С.Нааматов бул маселеге белсенип баш-оту менен киришип, өзүнүн бүткүл өмүрүн арнаган. 1929-жылы эле "Сабатсыздык жоюлсун" деп аталган чоңдор үчүн алиппени, "Тунгуч" деп аталган аялдар үчүн алиппени басмадан чыгарган. Ошондон 1935-жылга чейин 40тан ашык наамдагы окуу-методикалык, адабий китептери 950240 нускада чыгарылып, Наркомпростун чечими менен пайдаланууга сунушталган. Окумуштуулук жана педагогдук иши менен катар С.Нааматов орус классиктеринин бир нече чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Гезит-журналдарга көптөгөн макалалары жарыяланган. Анын жарыяланган эмгектери ушул күндө улуттук китепканада сакталып турат.

Ушундай ак ниет, эмгекчил педагог 1935-жылы Эл агартуу комиссариатындагы кызматынан, 1937-жылы Techинституттагы окутуучулук кызматынан бошотулат. Бир катар алиппелери, окуу китептери окуудан алынып салынат. Эл агартуу комиссариатынын №152 буйругу: "Приказываю директору Пединститута тов. Тынаеву снять с работы в Институте С.Нааматова, как националиста, протаскивающего Тыныстановскую националистическую концепцию в методических языковых вопросах (КР МБА 1725.1.7.3-бет)". Ушул эле буйрук менен Тыныстановдун китептери, кол жазмалары жок кылынууга буйрук берилип,

ошондой эле институтта кыргыз тили боюнча илимий кызматкер К.Карасаев да Тыныстановду жактоочу улутчул катары жумуштан алынган.

С.Нааматов 1937-жылы 10-августта Институттагы кызматынан алынгандан кийин эле үйү тинтүүгө алынып, үйүндө болгон китеп, кагаз аттуунун баары НКВДнын кызматкерлери тарабынан жок кылынып, 26-сентябрда камакка алынган. Камакта 141 күн жатып, 1938-жылы 10-февралда Кыргыз АССР НКВДсынын тройкасы (үч кишиси) атууга өкүм чыгарып, 14-февраль 1938-жылы Фрунзе шаарында атылган. Бирок сөөгү кайсы жерге көмүлгөнү белгисиз. "Ата бейит" мемориалдык музейинде айрым документтери жана сүрөттөрү сакталып турат.

Кийин С.Нааматовдун иши боюнча Кыргыз ССР Жогорку соту тарабынан 1957-жылы 26-февралда кайра каралган. Жогорку Соттун справкасы (27-февраль 1957-ж.): "Дело по обвинению Нааматова Сатыбалды пересмотрено Верховным судом Киргизской ССР 26 февраля 1957 года. Постановление Тройки НКВД Киргизской ССР от 10 февраля 1938 года в отношении Нааматова Сатыбалды отменено и дело производством прекращено за отсутствием состава преступления. Нааматов Сатыбалды до ареста работал преподавателем Пединститута. Заместитель председателя Верховного суда Киргизской ССР Р.Венедиктова (колу коюлган)". (Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин С.Нааматовдун кызы Нааматова Үмүткө 14.10.1982-жылы жолдогон катынан алынды).

Улуу инсан Сатыбалды Нааматовдун тагдыры ушундай. Бул адамдын эмгектери жөнүндө, айрыкча эне тили илимин түптөөгө, аны окутуунун методологиясына, кыргыз мектептеринде политехникалык билим берүү маселесине, кыргыз жазма адабиятынын пайдубалын түптөөгө кошкон салымы жөнүндө көптөгөн окумуштуу-

адабиятчылар (А.Осмонкулов, С.Жигитов, Ш.Жамансариев, А.Токтомушев ж.б.) баса белгилешип, аны кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминин баштоочусу деп атап келишет. С.Нааматовдун өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматтар 19 макалада, 14 китептин материалдарында чагылдырылган. Улуу инсандын кыска өмүрүндө жасаган баалуу эмгектерин эске алып коомчулуктун өкүлдөрү (окумуштуу-педагогдор, Нарын облусунун жашоочулары) анын атын түбөлүккө калтыруу максатында Нарын мамлекеттик университетине Сатыбалды Нааматовдун атын ыйгаруу жөнүндө ошол учурдагы Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Н.Т.Танаевге кайрылган болучу. Премьер-министр бул маселени жеринде чечүү үчүн Нарын облустук кеңешинин төрагасы К.Акматбековго, ал Нарын мамлекеттик университетинин ректору А.Акматалиевге жолдогон. Университеттин Окумуштуулар кеңеши бул сунушту колдогон чечимин чыгарышкан (12-июнь 2003-жыл, № 8/3). Ал чечимди бекитип берүүнү сураныш, Нарын облустук кеңешине, Билим берүү жана илим министрлигине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кайрылышкан. Мына ошол күндөн бери бир далай убакыт өтсө дагы, бул маселе чечилбей келе жатат. С.Нааматов менен чогуу иштеп, ак жеринен айыпталып, күнөөсүз атылып кетишкен И.Арабаев, К.Тыныстановдун жана көрүнүктүү окумуштуу К.Карасаевдин ысымдары республиканын университеттерине ыйгарылгандыгын жактырабыз жана кубаттайбыз. Ошондой эле даражада элине баалуу эмгек сиңирген белгилүү агартуучу, окумуштуу-педагог С.Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу маселесин жакын арада чечип берет деп Сиздерге терең ишенебиз жана чын ыкластан суранабыз. Алдын ала ыраазы болуу менен бирге, мамлекеттин бакубат жашоосун камсыз кылууга жасаган

Сиздердин аракеттериңиздердин жемиштүү болушуна тилектешпиз жана колубуздан келген аракетибизди аябайбыз.

**Д.АСАНОВ -- Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор; С.МУСАЕВ – КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, КРнын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты; Ж.КОЙЧУМАНОВ – педагогика илимдеринин кандидаты, эл агартуунун ардагери; Ж.ТУРСУНОВ – КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, КРнын Жогорку Кеңешинин 6 жолку депутаты; А.ОСМОНКУЛОВ педагогика илимдеринин доктору, профессор, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер; М. КОЙЧУМАНОВ – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер; А.САДЫКОВ – филология илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер; Э.МАМБЕТАКУНОВ педагогика илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, КРнын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты; Т.ЖАПАРОВ – ардагер акын, КРнын эмгек сиңирген врачы; Ы.КАДЫРОВ - КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, энциклопедиячы, акын, журналист; Н.ИШЕКЕЕВ - педагогика илимдеринин доктору, профессор; Б.ӨМҮРАЛИЕВ педагогика илимдеринин доктору, профессор; Т.ЧУБАКОВ – медицина илимдеринин доктору, профессор; Т.ӨМҮРБЕКОВ - тарых илимдеринин доктору, профессор; У.ЧОТОНОВ - тарых илимдеринин доктору, профессор; М.АБДЫЛДАЕВ – физика-математика илимдеринин доктору, профессор, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер; Ө.ДҮЙШЕКЕЕВ – ветеринария илимдеринин доктору, профессор, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер; Ө.ӨМҮРЗАКОВ – филолог, Нааматов изилдөөчү.**

“Кыргыз Туусу” гезити, 3-апрель, 2009-жыл. № 24 (23314).

**Ушул катка карата кат алышуулардын айрымдары**

## ПОЧТА КАРТОЧКАСЫ

**Кайда:** Бишкек ш., Токтоналиев көч., №80 үй, 20.
(0312) 54-72-87
Ф.А-Ж: Кл- Мамбетакунов Э., Асанов Д.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы**

Сиздин, Президенттин Администрациясына жиберген катыңыз, кабыл алынган чечим жөнүндө билдирүү өтүнүчү менен:

Кл-1059

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министри

жөнөтүлгөн жана каралып жатат.

26.03.09

Президенттин Администрациясы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН**
**ТӨРАГАСЫНЫН ОРУН БАСАРЫ**

13.02. 2009-ж.
№135-05/43

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министри**
**А.Мусаевге**

Бишкек шаары,
Тыныстанов көчөсү, 257

Көчүрмөсү:
Бишкек шаары,
Токтоналиев көчөсү, 80-20,
Э.Мамбетакуновго ж.б.

**Урматтуу Абдылда Инаятович!**

Сиздин кароонузга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы А.Тагаевдин атына түшкөн белгилүү окумуштуу-педагог С.Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу тууралуу Кыргыз Республикасынын коомдук ишмерлеринин, окумуштуулардын катын тийиштүүлүгүнө карай жөнөтөм.

Маселени карап чыгып, жыйынтыгын кат ээлерине жана Жогорку Кеңешке маалымдап коюңузду суранам.

Тиркеме: 3 барак (биринчи дарекке);
Экинчи дарекке маалымат иретинде.

**Урматтоо менен,** **А.Турсунбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

2009-жылдын 13-апрели
№02-1/1633

**Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзуна**

**Нарын облустук коррупцияга,**
**паракордукка каршы күрөшүү боюнча**
**"Биримдик" Ассоциациясынын төрагасы**
**Т.Айдаралиевге**

**720040, Бишкек шаары**
**А.Токтоналиев көчөсү, 80-20**
**Э.Мамбетакуновго**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын**
**2008-жылдын 16-декабрындагы №Кл-3843/1535,**
**2009-жылдын 16-февралындагы №Кл-166,**
**2009-жылдын 20-февралындагы №3-50/140**
**тапшырмаларына**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргызстан Улуттук Жазуучулар Союзунун Кыргыз Республикасынын Президенти К.С.Бакиевге кыргыз эл жазуучусу **Ш.Бейшеналиевдин** 80 жылдык маарекесине карата анын атын (01.12.2008-жылдын №Кл-3843/1535), Премьер-министр И.Чудиновго, Жогорку Кеңештин төрагасы А.Тагаевге, Нарын облустук коррупцияга, паракордукка каршы күрөшүү боюнча "Биримдик" Ассоциациясынын төрагасы Т.Айдаралиевдин коомдук ишмер **И.С.Мураталиндин** ысымын (16.02.2009, А-119), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрине Нарын областынын Ат-Башы районунун тургундарынын Кыргыз Республикасынын Президенти

К.С.Бакиевге, Премьер-министр И.Чудиновго, Жогорку Кеңештин төрагасы А.Тагаевге Кыргызстандын интеллигенция өкүлдөрүнүн окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу **Сатыбалды Нааматовдун** ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу (16.02.2009-жылдын Кл-166) тууралуу кайрылууларын карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

Арыз берүүчүлөр Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын 18-апрелиндеги №137 Жарлыгы менен бекитилген “Кыргызстандын көрүнүктүү ишмерлеринин ысымын түбөлүккө калтыруу боюнча комиссия жөнүндөгү” Жобого жана Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын 13-беренесине ылайык каралышы үчүн Министрликке:

1.Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин чечими;

2.Нарын мамлекеттик университетинин эмгек жамаатынын демилге каты;

3.Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын жана Нарын шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий макулдуктары;

4.Сунуш кылынып жаткан инсандын өмүр баяны жана иши жөнүндө ырасталган маалыматтар, архив материалдары (нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн);

5.Ар кандай жолдор аркылуу аныкталган коомдук пикир;

6.Географиялык аталыштар боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын корутундусун беришкенден кийин материалдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын кароосуна жөнөтүлөт.

Буга байланыштуу Министрлик арыз берүүчүлөрдөн кайрылуулардын жогоруда аталган документтер менен толукталышын өтүнөт.

**Министр** **А.Мусаев**

**Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлиги**

Чыгыш № 05-2/563 от 13.03.09

**Бишкек шаары,**
**А.Токтоналиев көчөсү, 80-20**
**Э.Мамбетакуновго**

Сиздердин Кыргыз Республикасынын Президенти К.С.Бакиевге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине репрессияда курман болгон коомдук ишмер жана тилчи Сатыбалды Нааматовдун атын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу жөнүндөгү ачык катыңыздарга төмөнкүлөрдү билдиребиз:

Министрлик Сиздердин жогорудагы айтылган ачык катыңыздар боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Нарын облустук мамлекеттик администрациясына кат жолдоду.

Ошондуктан Нарын облустук мамлекеттик администрациясында каралгандан кийин, кандай чечимге келгендигин тактап иш жүргүзөбүз.

**Статс-катчы** **М.Бектеналиев**

Ушундай эле мазмунда 2001-жылы бир катар коомдук ишмерлер, окумуштуу-илимпоздор Кыргыз өкмөтүнө, кыргыз элине кайрылуу иретинде “Эркин Тоо” гезитинин 28-марттагы санына “Ушундай инсанды унутууга болобу?” аттуу макала жарыялашкан. Ошол кайрылуу макаладан үзүндү келтирели.

Албетте, 1956-жылга чейин кыргыз элинин маданиятынын тарыхын, элге билим берүүнүн тарыхын изилдегендер Сатыбалды Нааматов жөнүндө сөз кыла албагандыгы белгилүү. Кийин элибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап бир катар окумуштуу-илимпоздор, саясатчылар жана маданият ишмерлери бул ак жеринен айыпталган инсан жөнүндө адилет эскерүүлөрүн маалымдашты.

Сатыбалды Нааматов эмгегине жараша баасын алып, анын ысмы түбөлүккө сакталып калышы үчүн Кыргыз Өкмөтү тарабынан тиешелүү иш-чаралар көрүлөт деген үмүттөбүз. Мисалы, С.Нааматовдун атын түбөлүккө сактап, арбагына урмат көрсөтүүгө багытталган иш-чаралардын катарына Бишкек шаарындагы ал өзү жашаган жана ошондон камакка алынган, ал кармалып кеткенден кийин анын артында калган ымыркай жалгыз кызы менен өмүрү өткөнчө аялы Салыйма Нааматова жашаган үйү турган көчөнү ушул адамдын аты менен атоо, Нарын университетине С.Нааматовдун атын ыйгаруу, туулган районунда, айылында ылайыктуу иш-чара көрүү, ыңгайлуу, ылайыктуу жерге эстелик-айкелин тургузуу, чыгармаларын басмадан чыгаруу ж.б. кирсе болор эле.

Д.АСАНОВ – Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор;

С.МУСАЕВ – КРнын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, КРнын илимге эмгек сиңирген ишмери;

Ж.ТУРСУНОВ – КРнын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер, КРнын Жогорку Кеңешинин 6 жолку депутаты;

Э.МАМБЕТАКУНОВ – педагогика илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык билим берүү академиясынын (МАГО) академиги, КР УИАнын мүчө-корреспонденти;

К.ДЫЙКАНБАЕВ – КРнын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер;

Ж.ЖООКАЕВ – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент;

Ы.КАДЫРОВ - КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, энциклопедиячы, акын, журналист;

Ш.КЕНЖЕБАЕВ – физика-математика илимдеринин доктору;

Ж.КОЙЧУМАНОВ – педагогика илимдеринин кандидаты, КРнын эл агартуу отличниги;

Ш.МАЙЛИЕВ – физика-математика илимдеринин кандидаты, профессор;

К.ТАГАЕВ – обончу, композитор, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз эл артисти;

Т.ТОМОТОЕВ – дирижер, КРнын искусствосуна эмгек сиңирген ишмер;

Т.ТУРСУНАЛИЕВ педагогика илимдеринин кандидаты, профессор;

С.ҮСӨНАЛИЕВ педагогика илимдеринин кандидаты, профессор;

Т.ЧУБАКОВ – медицина илимдеринин доктору, профессор ж.б.у.с.

Бул макалага карата көптөгөн откликтер басма сөзгө жарыяланган, айрымдары ушул китепке киргизилди. Мындай коллективдүү өтүнүч менен кайрылган дагы башка макалалар жарыяланып (мисалы, «Теңир Тоо» гезити, 23-июнь), тийиштүү мекемелерге катар учурунда көп эле жиберилген.

# ИЛИМИЙ КОНФЕРЕНЦИЯЛАРДА С.НААМАТОВ ЖӨНҮНДӨ

**Э.Мамбетакунов, Ы.Кадыров, Ө.Өмүрзаков, Бишкек**

## Сатыбалды Нааматов: эне тили боюнча алгачкы окумуштуу, нускоочу

Сатыбалды Нааматовдун ысымы кыргыз тили боюнча адистерге, эски муундагы жазуучуларга, айрыкча Нарын мамлекеттик университетинин жамаатына өзгөчө белгилүү. Ал киши 1905-жылы туулуп, 1938-жылдын 14-февралында жалган жеринен жазаланып, атылган. Бүгүнкү билдирүүдө ал асыл адамдын эне тили боюнча жазган эмгектерине, агартуучулук, нускоочулук жана окумуштуулук ишмердүүлүгүнө кыскача токтолууну туура көрдүк.

Сатыбалды Нааматов Алматыдагы Казак-кыргыз эл агартуу институтун 1928-жылы методолог-педагог адистиги боюнча бүтүргөн. Анда окуп жүргөн кезинде эле турмушка болгон көз карашы калыптанып, орус, татар, казак, өзбек адабияттарын окуп үйрөнгөн. Өзү да аңгеме, ырларды жазып, басма сөз беттеринде жарыялап турган. Окууну бүтүп келгенден кийин Кыргыз мамлекеттик басмасында редактор, ошол эле учурда педагогикалык техникумда иштеп, агартуучулук ишке белсенип киришкен. Ал иштери менен катар балдар үчүн жана чоңдор үчүн алиппелерди, кыргыз тили боюнча окуу китептерин, методикалык китептери, кыргыз тилинин программаларын жазып, үзгүлтүксүз басмадан чыгарып турган. Алардын толук эмес тизмеси төмөнкү слайддарда (1-5) келтирилген.

Жогорку таблицалардан көрүнүп тургандай С.Нааматов 1929-жылдан 1935-жылга чейин ар бир жылы

бирден кем эмес китеп чыгарып турган. Алсак (6-слайд). (Бул тизме ушул китептин аяк жагында берилди – авт.).

| Жылдары | Китептин саны | Жылдары | Китептин саны |
|---|---|---|---|
| 1929 | 2 | 1933 | 7 |
| 1930 | 4 | 1934 | 9 |
| 1931 | 4 | 1935 | 3 |
| 1932 | 5 | | |

Демек 7 жыл ичинде 34 китеп чыгарган. Албетте булардын айрымдары мурдагы чыккандардын экинчи же үчүнчү басылышы болгон. Бирок аларды оңдоп, толуктап басмага даярдоо да көп убакытты, эбегейсиз эмгекти талап кыларын баамдасак ал кишинин талыкпастан үзүрлүү иштегенин оңой эле байкоого болот.

Сатыбалды Нааматов ар кандай деңгээлдеги алиппелерди, окуу китептерин өзү түзгөн программалардын негизинде жазган. Мындан тышкары айыл мугалимдери жана педагогикалык техникумдар үчүн "Эне тилинин методикасы" (1930), биринчи жылы окугандардын тилин өстүрүү жана "Кичине колхозчу" алиппесин окутуу методдору жөнүндө "Тилибиздин методикасынан" (1932), "Балдар алиппесин окутуу методу" (1933), "Балдар алиппесинин метод каты" (1934), "Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөтмөсү" (1935) эмгектерин жарыялаган. Аталган методикалык эмгектердин бардыгы Кыргыз Эл Агартуу комиссариатынын уруксаты менен басылган. Мына ушулардын өзү эле Кыргыз Республикасында эне тилин окутуунун маселелерин иштеп чыгуунун көч башында С.Нааматов турганынын айныксыз далили. Булар жөнүндө педагогика илимдеринин докторлору, профессорлор Аскар Осмонкулов, Назаркул Ишекеевдер өздөрүнүн

эмгектеринде бир нече жолу баса көрсөтүшкөн. Мисалы, А.Осмонкулов мындай деп жазат: "Башталгыч мектептер үчүн алиппе, кыргыз тили боюнча окуу китептерин түзүүчүлөрдүн ичинен С.Нааматовдун атын бөтөнчө белгилеп кетүүгө болот. С.Нааматов тарабынан жазылган методикалык эмгектер өз учурунда мугалимдер үчүн абдан чоң милдет аткаргандыгы талашсыз. Анткени "Саамалыкты" эске албаганда кыргыз тилинде эч кандай методикалык эмгек болгон эмес. Бул китептер окуучуларды тез аранын ичинде окууга жана жазууга үйрөтүүдө, сүйлөө речин өстүрүүдө зор роль ойногон" Ал эми Н.Ишекеев, "Э.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Нааматов жана башка ысымдарсыз республикадагы илимий-педагогикалык ойдун пайдубалын элестете албайм", - деп жазат.

Элдин сабатсыздыгын жоюуда мугалимдерге чоң көмөкчү болуп, алиппе жана окуу китептеринен кийинки эле орунда "Жаңы маданият жолунда" (азыркы "Эл агартуу") журналы болгон. Анын биринчи номери 1928-жылы 5-майда кыргыз тилинде, латын тамгасы менен жарык көргөн. Журналда кыргыз тили жана адабиятын окутуу маселесине өзгөчө көңүл бурулуп, биринчи эле номеринде мугалимдерге үн методунун жана бүтүн сөз методунун негизи жөнүндө методикалык көрсөтмөлөр берилген.

Ал журналга С.Нааматовдун да бир нече макалалары жарыяланган. Алсак, "Фрунзенин мектептери республикалык бардык мектептерге үлгү болууга тийиш" деген макаласында партиянын мектеп жөнүндөгү чечимдерин аткарууда борбордогу мектептердин жетишкендиктери менен катар алардын кемчиликтерин да баса көрсөткөн. Мисалы, борбордогу №8 мектепте балдарга билим-тарбия берүү эмес, сабактардын жүгүртмөсү жоктугун, ар ким өз билгениндей сабак

өтөрүн, кээ бир мугалимдер чала сабаттуу экендигин, колунда эне тилинин программасы турса да, ага өздөрү түшүнбөстөн, кээ бир үчүнчү жылдыкта өтүлүүчү материалдар биринчи жылдыкта берилип жаткандыгын, үчүнчү топтун мугалими кыргыз тилинин грамматикасын билбегендиктен жөн эле караан болуп жүргөнүн, окуучулар өздөрүнүн дептерине ар кайсы сабактын материалын башаламан жазып, жаңы окуу китептеринин чийилип-тытылгандыгын эскерткен. Ушундай көрүнүшкө алып келген айрым адамдарды, жетекчилерди жоопко тартуу керектигин эл комиссариатына сунуш кылган.

С.Нааматов Эл агартуу комиссариатынын тапшырмасы менен Чүй, Араван, Кара-Бура, Ноокат райондорунун кээ бир мектептериндеги сабактарга катышып, айрыкча 1-2-топтун эне тили сабагынын жүрүшүн талдап "Сабактын бети" деген макаласын журналдын 1934-жылдагы 1-санына жарыялаган. Макалада аталган райондордун 22 мектебинде болгондугу, төмөндөгүдөй кемчиликтердин кетирилип жаткандыгына токтолгон. Окуучулар сабакка кечигип келсе да эрте таратылат. Аны мугалимдер үйлөрүнүн алыстыгы менен түшүндүрүшөт. Мектептерде саат жоктугунан туура 45 мүнөт окуткан сабак жок. Бири 45 мүнөттөн кем, экинчиси ашык окутулат. Бир эле мугалим эки топтун балдарына сабак өтөт. Бирине барса экинчиси бош калат. Андан да биринчи топтун беш окуучусуна, бешинчи топтун бирден окуучусун башчы кылып, убакытты текке кетирип жаткандыгын ашкерелеген. Сабакты туура уюштурбагандыктан, бир бала доскага жазып иштеп жатса, калгандары өз билгендерин кылып, тапшырмасыз отургандыгын жазган. Айрым мугалимдер программа эмне экендигин билбегендиктен, анын бир бөлүгүн окуп бергендигин белгилеген. Программаны канча процент аткардың деген суроого 250 % аткардым деп, канча күн

окуттуң деген суроого 540 күн окуттум деп жооп бергенин айтып, балдарга жана бечара мугалимдерге жаны ачыганын жашырбайт.

Мектептер окуу китептери менен бирдей камсыз болбогондугун, китеп жетиштүү болсо да аны таратууда оң тааныштыктын өкүм сүргөнүн белгилейт. Эми ошол китеп жетиштүү мектептердеги 18 сабакка катышсам дейт С.Нааматов: "Бир гана мугалим китепти окуучуларга пайдалантып сабакты уюшкандыкта өткөрдү. Калган 17 мугалим китептин бетин ачтырган жок". Китеп эмне үчүн берилгендигин, аны пайдалануу жөнүндө кээ бир мугалимдер ойлонуп да койбогондугуна нааразы болот. Бул проблема азыркы күндө да актуалдуу бойдон калууда. Көпчүлүк мугалимдер окуучуларды китеп менен иштөөгө, китептеги тексттен негизги ойду таап алууга, китепте берилген сүрөттөр менен иштөөгө үйрөтө алышпайт. Анын натыйжасында сабак учурунда бечара мугалимдер "китепти жапкыла" деп какшай берип жинкини соолот. Мына ушул маселеге С.Нааматов нускоочу катары мындан 75 жыл илгери эле көңүл бурган. Аталган макалада мугалимдерге үлгү болуучу сунуштарын да берген.

Жалпы эле окутуу процессин жакшыртуу маселесине арналган дагы бир нече макалаларды жарыялаган. Алардын темасын эле атасак, С.Нааматовдун ошол учурдагы билим берүү системасынын түйүндүү маселелерин терең өздөштүргөндүгүн байкоого болот. Алсак, "Текшерүү сыноосуна чейинки даярдык жумуштары тууралуу" (1934, № 5, 6), "Мамлекеттик билим программасын кайтадан түзүүнүн негизги максаттары", "Мектептин кезектеги милдеттери тууралуу", "Бизге жаңы окуу китептери керек", "Политехникалык билим берүү маселелери" деген макалалары эне тилин окутуу методикасы эле жалпы педагогикалык маселелерине арналганы даана көрүнүп турат.

Эми С Нааматов жөнүндө аны көргөн-билгендердин эскерүүлөрүнө токтололу. Алар анын тууган-туушканы эмес чогуу жүргөн, таалим-тарбиясын алган адамдар.

Шайык Жамансариев, «1933-34 – окуу жылдарында али балтыры катып бутуна бекем тура элек «Эне тили» сабагын Сатыбалды Нааматовдон окуп калдык». Ал кишинин бийик интеллектуалдык элеси эмдигиче көз алдымда. Ал кезде ал жапырт жакыр жашаччу. «Жарды» деген сөз жагымдуу угулаар эле. Элден башкачаланып манап кийгендерди «мещан» деп, жек көрүшчү. «Галстукту» «маданият ычкыры» деп, жерип турчубуз. Бирок ошого карабастан С.Нааматов дайыма жарашыктуу кийинип, манап жүрөр эле. Бизге шляпа, костюм, макинтош кийип галстук тагынган кыргыз интеллегенти жалгыз ошол өңдөнүп турчу. Саал кемигиреек келген калың эрин, жазы маңдай, бозомтук жүздүү, кайраттуу калың чачтуу, орто бойлуу, арык чырай келбети жайы сүйлөгөн мүнөзүнө куп келишип турчу. Эми ойлосом, С.Нааматов ошол кезде, өзүн өзү окуткан, терең билимдүү киши экен. «Түркология» деген сөздү тереңирээк чечмелеп, биринчи жолу ошол кишиден уккан элек».

Профессор С.Жигитов мындайча эскерет: «Кыргыз совет адабиятына негиз салгандардын ичинде С.Карашев менен К.Тыныстанов экөөнөн башкалары да бар. Алардын көрүнүктүүлөрү: Бөрү Кененсарин, Сатыбалды Нааматов, Шарин Көкөновдорду атасак болот».

Зияш Бектенов: «Сатыбалды Нааматов биздин техникумга адеп келгенде эле педпрактикага жетекчи болуп, бизге нормативный грамматиканы окутчу».

Кайран гана киши! Өтө терең адам эле.

Өз талантын ачып берүүгө үлгүрбөй кетти. Сатыбалды акылы тунук, сыпайы, өтө билимдүү адам эле. Анын «Кыргыз тилинин методикасы» аттуу китеби укмуштуу китеп. Анда ал, кыргыз тилинин грамматикасын

кандайча окутуу керек экендигин айтып койгон. Э.Арабаевге окуу китептерин жаздырбай кодулап жүрүшкөндө, аны Сатыбалды Нааматов алып калган».

Ысмайыл Кадыров менен Абдурасул Токтомушевдин маегинен:

«Сатыбалды Нааматов жөнүндө кимдир-бирөөлөр жазар бекен деп күтүп жүрдүм эле. Сатыбалдыга жакындан тааныш болбосом да, симпатиям чоң эле. Кээде кудайга да таарынасың, чолпондой жигитти берип коюп кайра алганына. Ушундай жигитти кантип жерге кыясың. Сатыбалды менин «Кызыл Кыргызстанга» чыккан «Дыйкандарга» аттуу ырымды жактырып, ошол кезде өзү түзгөн окуу китебине киргизген экен. Мен анда жашмын. Ошол ырым чоң акындардын ырларынын катарына кошулганына эле кубанып жүрдүм. Алыкул Осмонов Сатыбалдыны «Биздин мугалим» деп койчу. Алыкул дагы, Кубанычбек Маликов дагы Сатыбалдыны жакшы адам деп макташаар эле. Поэзияны жакшы көрөт, жакшы талдайт, өтө эмгекчил, токтоо сүйлөгөн, сабырдуу дешчү», - дейт акын А.Токтомушев. Ага арнап ыр жазыптыр. Аты «Гүлдесте» экен. Акыркы саптары мындай айтылат.-

«Ак кеттиң, актыгыңды сүткө теңеп
Унутпадым, чыгарбадым мен эстеп,
Арнап коём гүл бакчама гүл эксем.
Эл алдында табытына баш ийип,
Ушу болсун Сизге койгон гүлдестем».

**Бул доклад Нарын облусунун юбилейлик конференцияда окулган "Известия вузов" журналынын 2009-ж., №6-санына жарыяланган**

**Асанов Жолдошбек, экономика илимдеринин кандидаты, профессор**

## С. Нааматовдун чыгармаларындагы социалдык-экономикалык ой жүгүртүүлөр жөнүндө

С. Нааматовдун агартуучу-педагогикалык жана чыгармачылык иштери чоң натыйжасын берип, китептери көп нускада чыгып, республикалык газета-журналдарда макалалары, аңгемелери биринин артынан бири басылып турган жылдарда Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалы оор жана татаал эле. Мисалы, совет бийлигинин жаңы экономикалык саясаты, көчмөн элге жер берип, отурукташтырылып, айыл-кыштактардын саны өсүп, алардын негизин орто дыйкандар түзүп, кооперативдер уюшулуп, алардын саны күн сайын көбөйө баштаган. Бирок, тилекке каршы көп убакыт өтпөй репрессивдүү сталиндик административдик – командалык башкаруу система күч менен киргизилип, жаңы экономикалык саясаттын принциптери бузулуп, жумушчу дыйкандардын товар өндүрүү кызыкчылыгы жоюла баштаган. Буга бир эле мисал: Кыргызстанда малдын саны 1924-жылдан баштап өсө баштаган: 2,5 миллиондон 7 миллионго (1928-ж.) чейин жетсе, 1930-жылдарда 5,5 миллионго чейин азайып кеткен. Буга себепкер, 1929-жылкы 27-декабрдагы Сталиндин «Кулактарды тап катары жоюу» ураанын жана жарыяланган директиваларын сөзсүз аткаруу жана ашыкча аткаруу үчүн далалат кылган чиновниктер, кулактарга кошуу орто дыйкандарды, жада калса кедейлерди да кулакка тартып, «үчтүктөр» соттоп айдадып же алыска көчүрүп жиберишкен.

Мына ушул кесепеттин айынан С. Нааматов да куугунтуктала баштайт, себеби атасы Наамат бир уруктун бийи болгон. С. Нааматовду көрүп, билип калган аксакал

Акматалы Карыбеков өзүнүн «Эсте калган элестер» деген китебинде минтип жазат: «С. Нааматов 1931-жылга чейин коркуп-үркүп жашады, ал түгүл бир жолу Ат-Башыдан атасы келгенде да өзү жолугуп сүйлөшпөстөн «тезирээк кетип калсын» деп аялынан айттырып үйүнө жаткырбай кетирип жиберген».

С. Нааматов, кыргыз эли сабатсыздыгын жойсо, тең укуктуу, адилет заманда жашап калат деген үмүттө, тынымсыз агартуу-педагогикалык иштерин уланта берген. Ал араб тамгасында окуп жана жазганды жакшы билчү. Казак-кыргыз эл агартуу институнда окуп жүргөндө орус, татар, казак, өзбек тилдериндеги китептерди окуп, өзү да аңгеме, макалаларды жазып жарыкка чыгарып турган.

Ошондуктан, көп багыттагы таланты бар инсан, ошол кездеги кыргыз элинин социалдык-экономикалык ал ахвалын жакшы билген жана өзүнүн чыгармаларында чагылдырылып турган. Мисалы алсак, «Тынымкан» деген 1930-жылы латын тамгасында жарыкка чыккан аңгемесинде, Тынымкан аттуу баш каарман аркылуу ошол кездеги кыргыз кыз-келиндердин социалдык турмушун, коомдук чарбадагы ролун берүү менен, сабатсыз кезиндеги ал ахвалдары жана сабатсыздыкты жойгондон кийинки коомдогу жетишкендиктери берилет.

Тынымкан карапайым эмгекчи келин, жаңы кирген латын тамгасын үйрөнүп, китеп, гезит окусам, билимдүү болсом, деп тилек кылат. Көп кыйынчылыктардан кийин сабатсыздыгын жоюп, жолдошу Матайды да окууга тартып, чарбачылыкты кооператив аркылуу уюштуруу маселесин туура түшүнүп, колдоо көрсөтүп, жаңы турмушка активдүү катыша баштайт. Көп узабай айылдын эли, бай десе бай жергиликтүү авторитеттердин каршылыгына карабай, көп добуш менен айыл кеңешинин айымы кылып шайлап алышат.

Азыркы түшүнүк менен айтканда С. Нааматов гендердик маселени туура сезип, бул проблеманы Кыргызстандын тарыхында биринчилерден болуп көтөргөн. Кыргыз аялдарына арнап 1929-жылы жазган «Тунгуч» аттуу окуу китебинде аял менен эркектин укугу тең экендигине кеңеш өкмөтү кепил болоорун жазып, кыз-келиндерди ошол укугуңарга ээ болуп, тең укукту коргогон мыйзамдарды билип алууга үндөп кетет.

Ушул китебинде, «Шексиз тилек» аңгемесинде жана башка көп сандаган макалаларында Кыргызстандын чарбалык жана экономикалык көрсөткүчтөрүнөн, жер шарттарынан, элинин санынан, өнөр жайынан, мал чарбасынан кыскача текст түрүндө жана статистикалык таблица ирээтинде маалыматтар бергенин жолуктурабыз. Муну менен С. Нааматов ошол кездеги республикабыздын экономикасынын проблемаларын түшүнө билген, терең сабаттуу улуттук интеллигент болгон десек жаңылышпайбыз.

Тилекке каршы С. Нааматовдун көптөгөн башка эмгектерин: «Шексиз тилек», «Он алтынчы жыл» пьесасын, «Анык политехникалык илим» окуу китебин, «Барса келбес сапар» бүтпөй калган повестин, макалаларын таап окуу кыйынчылыкка тургандыктан экономикалык ой жүгүртүүсү кененирээк болбой калды, бирок бул иштер дагы алдыда, келечекте жаш окумуштуулар С. Нааматовдун феноменин изилдешээр деген үмүт бар.

Эми С. Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетине берилгендигине байланыштуу жүрүп жаткан иш чаралардын олуттуу жерине токтолуп кетейин. 17-февраль 2010-жылы НМУнун ректорунун №12/23 буйругу менен С. Нааматовго байланыштуу иш чараларды өткөрүү үчүн жооптуу уюштуруу комитетинин курамы түзүлүп жана жалпы планы бекитилген. Ошонун негизинде

С. Нааматовдун эстелик бюстун даярдоону уюштуруу авторго жүктөлгөн эле. Бюст, жаш таланттуу сүрөтчү-скульптор **Бакачиев Марлен** тарабынан даярдалууда. Бюсту даярдоого кеткен чыгымдарды төмөнкү демөөрчүлөр каржылады:

1. Айдаралиев Нарынбек – Бишкек ш.
2. Акматалиев Алмаз – Бишкек ш.
3. Асанов Данил – Бишкек ш.
4. Асанов Жолдошбек – Нарын ш.
5. Байтереков Аскарбек – Бишкек ш.
6. Жапаров Токталы – Бишкек ш.
7. Жунусов Адамкул – Бишкек ш.
8. Кайыпов Аманбай – Бишкек ш.
9. Кенжебаев Болот – Бишкек ш.
10. Кочкорбаев Турду – Ала-Бука р-ну
11. Омуракунов Мухтар – Бишкек ш.
12. Омуракунов Эмил – Бишкек ш.
13. Омуралиев Токтогул – Нарын ш.
14. Тезекбаев Молдакмат - – Бишкек ш.
15. Токтакунов Дүйшөнаалы – Бишкек ш.
16. Турсункулов Акимбек – Ала-Бука р-ну
17. А.Уманкулова жана Ү.Нааматованын үй бүлөсү – Бишкек ш.

# САБАТСЫЗДЫКТЫ ЖОЮУГА КҮЙГӨН АДАМ
## (Сатыбалды Нааматовдун макалалары жөнүндө)

Элдин сабатсыздыгын жоюуда, мугалимдерге чоң көмөкчү болуп, алиппе жана окуу китептеринен кийинки эле орунда "Жаңы маданият жолунда" (азыркы "Эл агартуу") журналы болгон. Бул журналдын биринчи номери 1928-жылы 5-майда кыргыз тилинде латын тамгасы менен жарык көргөн. Журналда кыргыз тили жана адабиятын окутуу маселесине өзгөчө көңүл бурулуп, биринчи эле номеринде мугалимдерге үн методунун жана бүтүн сөз методунун негизи жөнүндө методикалык көрсөтмөлөр берилген. Ошондой эле мектептердин жана эл агартуу мекемелеринин иштерин жакшыртуу үчүн педагогикалык жана методикалык мүнөздөгү макалалар менен бирге алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтууга, айрым темаларды окутуу боюнча методикалык кеңештерге, мугалимдин күндөлүк жумуштарын пландаштырууга, класстан жана мектептен тышкаркы иштерди жакшыртууга арналган макалаларга да кеңири орун берилген. Журналда өлкөдө жүргүзүлүп жаткан маданий-агартуу иштердин маани-маңызын чечмелөө менен катар эски жана жаңы замандын айырмачылыктарын салыштырмалуу түрдө чагылдырган, ага жараша окуучуларга кандай таалим-тарбия берүүнүн ыкмалары жөнүндөгү макалалар тынымсыз жарыяланып, окуучулардын алдында эмне дээрин билбей, бир жылга ченелген окуу программасын, бир айда бүтүрүп коюп, "алласы оозунан түшүп" отуруп калган, караңгы, чала сабат мугалимдерге андай макалалар жол көрсөтүп, жарык гана чачып турган. Мына, ушундай элдин сабатсыздыгын жоюуда, мугалимдерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө, окуучуларга таалим-тарбия берүүдө көмөкчү болгон макалалардын ичинде С.Нааматовдун да макалалары бар.

Эмесе С.Нааматовдун айрым макалаларынын мазмуну жөнүндө баяндасам.

Сатыбалды Нааматов “Фрунзенин мектептери республикадагы бардык мектептерге үлгү болууга тийиш” деген макаласында партиянын мектеп жөнүндөгү чечимдерин аткарууда борбордогу мектептер кандай жетишкендиктерге ээ болгондугунан мурун, ошол мектептердин жетишсиз жактарына токтолот. Алсак, борбордогу №8 мектепте балдарга билим-тарбия берүү эмес, сабактардын жүгүртмөсү жок, ар ким өз билгениндей сабак өтүп, кээ бир мугалимдер чала сабаттуу экендигин, андай мугалимдер кандай билим-тарбия берээрине көзү жетпестигин, колунда эне тилинин программасы турса да, ага өздөрү түшүнбөстүгүнөн, кээ бир үчүнчү жылдыкта берилүүчү сабактар биринчи жылдыкта өтүлүп жаткандыгын, үчүнчү топтун мугалими кыргыз тилинин грамматикасын билбегендиктен жөн эле караан болуп жүргөнүн, окутуучулар берилген дептерине башаламан ар кайсы сабактарды жазып, жаңы окуу китептери кирдеп, кээ бирлери чийилип-тытылгандыгын эскертип, чар жайыттыгы үчүн жоопко тартуу керектигин эл агартуу комиссариатынан өтүнүп, чара көрүлө баштагандыгын белгилейт. Бул макалада Фрунзенин мектептери айыл-кыштак мектептерине үлгү болмок түгүл, жосунсуз жактарга жол берип жаткандыгы, ошол кездеги эл агартуу комиссариаты жүргүзүп жаткан иштерине, чыгарып жаткан программалар менен окуу китептерине түшүнбөгөн айрым мугалимдерге массалык маалымат каражаттары аркылуу түшүндүрүү ишинин солгундугу менен түшүндүрүп, Фрунзенин мектептерин республиканын бардык мектептерине үлгү болууга чакырат.

С.Нааматов Эл агартуу комиссариатынын тапшырмасы менен Чүй, Араван, Кара-Буура, Ноокат районунун кээ бир мектептериндеги сабактарга, айрыкча 1-

2 топтун эне тили сабагынын жүрүшүнө катышып келгенден кийин "Сабактын бети" (1934, №1) аттуу макаласын жарыялайт. Макалада аталган райондордун 22 мектебинде болгондугу, төмөндөгүдөй кемчиликтерге жол берилгендигине токтолот. Окуучулар сабакка кечигип келсе да эрте таратканын, мугалимдер үйлөрүнүн алыстыгы менен түшүндүрүшкөнүн, мектептерде саат жоктугунан 45 мүнөт окуткан сабак жок экендигин, бири 45 мүнөттөн кем, экинчиси ашык окутканын көрсөтөт. Бир эле мугалим эки топтун балдарына сабак өтүп, бирине барса экинчиси бош каларын, барынан да биринчи топтун беш окуучусуна, бешинчи топтун бирден окуучусун башчы кылып, убакытты текке кетирип жаткандыктарын, сабакты туура уюштурбагандыктан, бир бала доскага жазып иштеп жатса, калгандары өз билгендерин кылып, тапшырмасыз отургандыктарына С.Нааматов жан кейитип, сабатсыздыкты жоюудагы аракеттер желге, сууга кетип жаткандыгын көрсөтүү менен, мугалим үчүн бул чоң кылмыш экендигин баса белгилейт. Кээ бир мугалимдер программа эмне экенин түшүнбөстөн, анын бир бөлүгүн окуучуларга окуп бергендигин, программаны ушул окуу жылында канча процент аткардың деген суроого, 250% аткардым деп айткандарына, канча күнү окуттуң деген суроого 540 күн окуттум деп жооп кайтаргандарына өкүнүп, программа боюнча эмнелерди өтүүнү билбеген мугалимдер башаламан сабак өткөндөрүнө күбө болуп, жаны ачыганын жашырбайт.

Бул макаласында С.Нааматов окуу китептерди жаздырууда, аларды басмадан чыгарууда мамлекет каражатты, убакытты сарп кылып жаткандыгын белгилеп, кээ бир окуу китептери айрылып бараткандыгын эскертет. Ошондой эле айрым райондордун эл агартуу бөлүмдөрүнүн кызматкерлери бир мектепке китеп берип, экинчисине бербей "кыргызчылык" жөрөлгөсүнөн айрыла

албай жаткандыктарына күбө болот. Эми ошол китеп жетиштүү мектептердеги 18 сабакка катышсам дейт С.Нааматов: "Бир гана мугалим китепти окуучуларга пайдалануу менен сабакты уюшкандыкта өткөрдү. Калган 17 мугалим китептин бетин ачтырган жок". Китеп эмне үчүн берилгенин, аны пайдалануу жөнүндө кээ бир мугалимдер ойлонуп да коюшпастыгына нааразы болот. Ошондой эле мугалимдердин жалпы билими, методикалык даярдыгы жөнүндө, сабакка кантип даярдануу, окуучуларга китеп-дептерди пайдалануу жөнүндөгү кеңештерин айтып, айылдык мугалимдерге көп жагынан көмөк көрсөтөт.

"Текшерүү сыноосуна чейинки даярдык жумуштары тууралуу" деген макаласында (1934, №5,6) жылдын аягындагы балдардын билим деңгээлин текшерүү сыноосуна чейин кандай чараларды көрүп, кандай иштерди жасоо керектиги жөнүндө мугалимдерге кеңеш берүү менен текшерүү сыноосунун максаттарын, милдеттерин окуучуларга, ата-энелерге туура түшүндүрүп, алдын ала үгүт иштерин жүргүзүүнүн зарылдыктарына токтолот. Ошондой болгондо гана балдар текшерүү сыноосуна жакшы даярданып, уюшкандыкта өз билим деңгээлдерин көтөрүүгө тырышмакчы дейт. 1929-жылы 1-11-окуу жылы үчүн комплекстүү программа жарыяланып, анда эне тили өзүнчө эмес, жалпы иштин бир бөлүгү катары окуу, жазуу, сөз өстүрүү менен бирдикте өтүлө тургандыгын көрсөтсө, кийинки санында (1930, №3-4) эне тилинин программасына бир катар өзгөртүүлөр киргизилип, чала сабаттуулар, педтехникумдар жана европалыктар үчүн түзүлгөн жаңы программалар жарыяланган.

С.Нааматовдун "Мамлекеттик билим программасын кайтадан түзүүнүн негизги максаттары" деген макаласында анын мурунку программадан кандай айырмасы бар экендигин, кандай материалдар жаңыдан кошулгандыгын

көрсөтөт. Макалада С.Нааматов граждандык согуш мезгилинде талкаланган эл чарбасын кайра калыбына келтирүүдө, өлкөнү индустриялаштырууда, элибизди коллективдештирүүдө жолтоо болгон тап душмандарды жоюу, жумушчу-дыйкан табын тарбиялоо максаты коюлуп жаткандыгын белгилеп, мындай улуу максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн атайын орто жана жогорку окуу жайларынан билим алып, келечектеги куруучулардын уюткусун түзүү үчүн программаны өзгөртүү зарылдыгын белгилейт. Мамлекеттик билим кеңешининин программасы өзгөргөндө, мурунку максаттар сакталуу менен, ага жетүүнүн жолдору, балдарды ар тараптан жетилтүү жактары күн тартибине коюлуп ошол өзгөчөлүктөргө карай жылыштар болгондугу айтылат. Эски программада сабатсыздыкты жоюп, балдарга билим-тарбия берүү жөнүндөгү ойлорун ортого салып, билим-тарбия берүүдөгү биргелешкен иш чара көрүүнүн зарылдыгына токтолуп, жаңы программада балдардын сабатсыздыгын жоюп, аларды айлана-чөйрөгө аралаштырып, айыл-чарбасы, коомдук жумуштар аркылуу көз караштарын калыптандырып, дүйнө таанытуу, ой жүгүртүү сезимдерин ойготуу, теориялык жана практикалык билимдерин айкалыштыруу менен тарбиянын чыныгы өнүп-өсүү жолуна түшөөрүн мугалимдерге түшүндүрөт.

Ошондой эле “Мектептин кезектеги милдеттери тууралуу” деген макаласында (1930, №3-4) биздин мектептерден күтө турган максатыбыз өсүп келе жаткан жаш муундар жумушчу табынын жолун жолдогон, туташ чарбанын жетишкен күчтөрүн тарбиялап чыгуу менен окуучуларды пионер, комсомол уюмдары аркылуу тарбиялоо, өзүн өзү башкаруу ишине катыштыруу аркылуу тарбиялоо, коомдук иштерге катыштыруу, эркек балдарга аскердик тарбия берүү менен интернационалдык духта тарбиялоо керектигин белгилеген. Ошол жылдары эл

агартуу ишине өзгөчө чоң милдеттер коюлуп, мектеп жашындагы балдарды бүтүндөй мектепке тартуу, аларды окуу шаймандары менен камсыз кылуу, мугалимдердин мүмкүнчүлүктөрүнө жараша шарттарды уюштуруу маселелери каралып, иш жүзүнө аша баштаган. Кээ бир алыскы райондордун айыл-кыштактарында мугалимдердин жетишсиздигинен, же мектеп шартынын жоктугунан мектеп жашындагыларды бүт окутууга мүмкүн болгон эмес. Андай шартта, эң биринчилерден болуп жетим-жесир балдар, жумушчу-дыйкандын балдары окууга тартылыш керектигин баса белгилеген. Мугалим окуучулардын арасында мелдештерди уюштуруп, эмгекке, боорукердикке арналган иш-пландарды түзүп, ата-энелер менен бирдикте кайрымдуулук иш-чараларын өткөрүп, көп балалуу, жакыр үй-бүлөлөрдүн балдарына жардам көрсөтүү күчөтүлсө, ошондо балдардын арасында жиктешүү, өзүмчүлдүк сапаттар жоюлуп, боорукердик жүрөктөрүндө уялап, достук мамилелер калыптанаар эле. Мурдагы өзүмчүлдүккө, жеке басарлыкка үйрөтүп тарбиялап келген эски мектептерди сынга алып, жаңы мектептер жаңы программанын негизинде өткөндөгү терс көрүнүштөрдү жоюунун жол-жоболорун түшүндүрүп, жаңыча көз караш менен жаңыча иштеп, жаштарды патриоттук духта тарбиялоого чакырат. Эркек жана кыз балдарды чогуу тарбиялоо маселесинде, эски замандагы “чачы узун – акылы кыска”, “эки аял араң – бир күбө”, “кыз эл эмес – душман”, “киши дебейлик – кырк жылкы” деген сыяктуу шарттардын негизинде аял затына чектөөлөр коюлуп, кемсинтүү катары каралып келгендигин катуу сындап, эми жаңы коомдо аялзаты катышпаган бир да иш-чара алдыга жылбастыгын, аял заты жер жүзүндөгү адам баласынын тең жарымын түзөөрүн айтып, мурдагыдай жең ичинен соодалашпай, ачыктан-ачык тең укуктуулугун жарыя салуу, класстарда кыздар менен эркек балдарды чогуу

тарбиялап-окутуу барыбыздын милдетибиз, аял затына болгон кемсинтүүлөрдү жоюу мезгилдин талабы экендигин ачык айтат.

Сатыбалды Нааматов "Бизге жаңы окуу китептери керек" (1931, №3-4), "Мугалимдердин үндөрүнө төрөчүлүк кылуу бүтсүн" (Кызыл Кыргызстан, 1934, 23-май), "Педагогика техникасына ээ бололу" (Кызыл Кыргызстан, 1934, 15-июль) жана башка макалаларында да ошол кездеги курч маселелердин бири болгон эл агартуу ишиндеги сабатсыздыкты жоюу, мектеп жашындагы балдардын бардыгын окутуу, тарбиялоо иштерин өркүндөтүү, айрыкча эне тили сабагын окутуудагы көйгөйлүү жактарды эске алуу менен мугалимдерге баалуу кеңештерин берип, өкмөттүн жүргүзгөн саясатынын негизинде жаштарды туура жолдо тарбиялоого чакырып келген.

Адабияттар:

1.Кыргызстан энциклопедиясы. – Бишкек-2001.

2.А.Э.Измайлов. Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы. 1961, 170-бет.

3.А.Осмонкулов. Эне тилин окутуу тарыхынан. 1983. 96-б.

4.С.Нааматов. Мамлекеттик билим кеңешинин программасынын кайтадан түзүлүшүнө негизги себептер. "ЖМ". 1930, №3-4, 3-бет.

5.С.Нааматов. Мектептин кезектеги тарбия милдеттери тууралуу. "ЖМ" 1933, №1-2, 43-бет.

6.С.Нааматов. Фрунзенин мектептери Республикадагы бардык мектептерге үлгү болууга тийиш. "ЖМ". 1933, №1-2, 43-бет.

7.С.Нааматов. Сабактын бети. "ЖМ" 1934, №1,6-бет.

8.С.Нааматов. Текшерүү сыноосуна чейинки даярдык жумуштары тууралуу. "ЖМ" 1934, №5,6.

**Ө.Өмүрзаков, КМЮАнын ага окутуучусу**

**Вестник – КМЮА – Жарчысы, 2007, ноябрь**

## БАСМА СӨЗДӨ С.НААМАТОВ ЖӨНҮНДӨ

## ОКУМУШТУУ-ПЕДАГОГДУН АТЫН ӨЧҮРБӨЙЛҮ

Республикалык "Эркин Тоо" газетасынын 2001-жылдын 28-мартындагы санына жарыяланган "Ушундай инсанды унутууга болобу" аттуу макаланы окудум. Анда бир катар согуштун жана эмгектин ардагерлери, коомдук ишмерлер, окумуштуу илимпоздор 1937-жылы жалган жалаа менен репрессиянын тузагына илинип, 1938-жылы 33 жашында күнөөсүз атылып кеткен, кыргыздын белдүү инсандарынын бири, окумуштуу-педагог Сатыбалды Нааматов жөнүндө сөз болгон. Алар төмөнкүчө белгилешет: "1956-жылга чейин кыргыз элинин маданиятынын тарыхын, элге билим берүүнүн тарыхын изилдегендер Сатыбалды Нааматов жөнүндө сөз кыла албагандыгы белгилүү. Кийин элибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап бир катар окумуштуу-илимпоздор, саясатчылар жана маданият ишмерлери бул ак жеринен айыпталган инсан жөнүндө адилет эскерүүлөрүн маалымдашты.

Сатыбалды Нааматов эмгегине жараша баасын алып, анын ысмы түбөлүккө сакталып калышы үчүн Кыргыз Өкмөтү тарабынан тиешелүү иш-чаралар көрүлөт деген үмүттөбүз. Мисалы, "Нарын мамлекеттик университетине С.Нааматовдун атын ыйгаруу ж.б."

Мына ушул макаланы окугандан кийин өмүрү өрнөк болуучу бул адамдын кейиштүү тагдыры, өзүнүн аз өмүрүндөгү калтырып кеткен албан эмгеги, атуулдук парзын абийирдүүлүк менен аткаргандыгы мени таң калтырды жана терең кызыгуумду пайда кылды. Ал киши жөнүндө маалымат алууга ынтаа коюп, ар кандай адамдардан сурамжылап, аз болсо да түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Алардын ичинде Кыргыз

Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Осмонкулов, (1960-жылдан бери С.Нааматовдун окуу-илимий иштерин иликтөөчү); С.Нааматовдун айылдаш иниси, Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгеги сиңген эмгек ардагери А.Карыбеков (1936-37-жылдары С.Нааматовдун үйүндө жашап, педтехникумда окуган); Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Э.Мамбетакунов (С.Нааматовдун жубайы С.Нааматованын үйүндө бир нече жыл жашап эмгектенген, айылдаш тууганы); Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, энциклопедиячы, акын, журналист Ы.Кадыров (айылдашы, С.Нааматовдун өмүрүн, чыгармачылыгын иликтеп, бир нече макалалар жазган); филолог-изилдөөчү Ө.Өмүрзаков ("Сатыбалды Нааматов – окумуштуу-педагог" аттуу маалымат берүүчү китептин автору) жана башкалар бар.

Ошентип жогоруда аты аталгандардан алган жана өзүм иликтеп тапкан маалыматтарды пайдаланып окумуштуу, агартуучу, ондогон китептерди жазып кыргыз илимине биринчилерден болуп чыйыр салган урматтуу агабыз С.Нааматов жөнүндө ушул оюмду жазууга бел байладым. Анын дагы бир символикалуу жагы менин ошол катаал жылдарда төрөлүп, улуу агаларыбыздын бүтүрө албай кеткен иштерине аз да болсо үлүш кошуп, бир кезде ал киши тилек кылган политехникалашкан билимге ээ болгонум таасир берди го деп ойлойм.

Менин алган маалыматтарыма караганда ал киши 1905-жылы Нарын аймагынын Атбашы өрөөнүндөгү Балагазы (азыркы Жаңы-Күч) айылында колунда бар үй-бүлөдө туулган. Кичинесинен зээндүү өскөн Сатыбалды, алгач айылдык молдолордон, кийин кыргыз, орус-тузем мектебинен окуп сабатсыздыгын жоет. Айрыкча таякеси,

белгилүү агартуучу, Манас жыйноочу Ыбрайым Абдрахманов менен бир үйдө болгондуктан, ал кишинин таасири астында билим алууга кызыга баштайт. Муну байкаган таякеси Сатыбалдыны атка учкаштырып алып Алматыдагы Казак-кыргыз эл агартуу институтуна алпарып өткөрүп келет. Анда окуп жүргөндө турмушка болгон көз карашы калыптанып, орус, татар, казак, өзбек адабияттарын көп окуп, өзү да аңгеме, ырларды жазып, басма беттерине жарыялап турган.

Ал институтту 1928-жылы методолог-педагог адистиги боюнча бүтүрүп келип, Кырмамбаста редактор, ушул эле учурда педагогикалык техникумда мугалим болуп иштеген.

1933-жылы 2-декабрда Эл агартуу комиссары П.Т.Пановдун №85 буйругу менен Эл агартуу комиссариатынын мектеп башкармачылыгынын алдында программаларды жана окутуунун методикасын иштеп чыгуу сектору уюштурулуп, ага Базаркул Данияров сектор башчы, Сатыбалды Нааматов башталгыч класстардын методисти жана кыргыз тилинин программаларын, методдорун түзүү боюнча жетектөөчү адис жана бул бөлүмгө башчы болуп дайындалат. Ошол учурдагы Эл агартуу комиссариатындагы 38 кызматкердин ичинен алтоо кыргыз болгон: Токчоро Жолдошев, Үсөн Иманов, Базаркул Данияров, С.Нааматов, Ногойбаев жана Иманова.

1926-жылы март айында Бакуда болгон Бүткүл Союздук түркологиялык съездде алфавит маселеси талкууланып, анда араб алфавитинен латын алфавитине өтүү жөнүндө резолюция кабыл алынып, бул съездге жалаң гана СССРде жашаган элдердин өкүлдөрү катышпастан, андан тышкары Франция, Италия, Түркия, Германиядан келген окумуштуулар да катышып, бардыгы тең түрк элдеринин латын тамгасына өтүшүнүн туура экендигин белгилешкен. Анын натыйжасында 1927-жылы март

айында болгон Кыргыз АССРинин биринчи уюштуруу съездинде мындай токтом кабыл алынган:

"1. Кыргызстанда үстүбүздөгү 1927-жылдан баштап милдеттүү түрдө жаңы кыргыз алфавити киргизилсин.

2. 1930-жылдан кечиктирилбестен толугу менен жаңы алфавитке өтүүгө республикадагы бардык билимдүү кишилер милдеттендирилсин. Басма жагынан жана иш жүргүзүү жагынан жаңы кыргыз алфавитине толук өтүүнүн акыркы мөөнөтү 1931-жылдын акыры болуп эсептелсин" ("Культурные строительство в Киргизии" 1-том, 54-бет).

Мына ушундан баштап сабатсыздыкты жоюу, жаңы алфавитке өтүү, алгачкы кыргыз алиппесин, окуу китептерин, алардын методикасын жана башка окуу куралдарын иштеп чыгуу боюнча алгачкы авторлор катары көптөгөн адамдар кыргыз тарыхында өчпөс из калтырышкан. Алардын бири 1930-жылдардагы таанымал агартуучу, жаш илимпоз, окумуштуу педагог, кыргыз тилин окутуунун методикасына негиз салуучу – Сатыбалды Нааматов болгон.

Сатыбалды Нааматов чоңдор үчүн кайра-кайра оңдоп, түзөтүүлөр менен жети жолу басмадан чыккан алиппенин, балдар үчүн жазылган беш алиппенин, биринчи жана экинчи класстын окуучулары, ошондой эле чала сабаттуулар үчүн он эки окуу китептин, беш методикалык китептин, башталгыч класстын мугалимдери үчүн алты программанын, ондогон илимий-методикалык макалалардын жана методикалык сунуштардын, балдар үчүн үч көлөмдүү аңгеменин автору болгон. Айтылгандардын бардыгы өзүнчө китеп болуп чыккан. Анын "Сабатсыздык жоюлсун" аттуу биринчи китеби Кыргызмамбастан 1929-жылы жарык көргөн (көлөмү 4 басма табак, нускасы 45000). Ал эми "Чала сабаттуулар үчүн окуу китеби" Москвадан 1930-жылы чыгарылган (көлөмү 9,8 басма табак, нускасы 35000). Ошентип

Сатыбалды ага 1928-жылы 2 чыгарма, 1929-жылы 3 китеп, 1930-жылы 5, 1931-жылы – 4, 1932-жылы – 3 китеп, 2 программа, 1933-жылы – 5 китеп, 2 программа, 1934-жылы – 7 китеп, 2 программа, 1935-жылы – 3 китеп жазып, басмадан чыгарган. 1926-1934-жылдардын аралыгында 9 чыгарманы орус жана казак тилдеринен кыргызчага которгон. Алардын ичинде Д.Фурмановдун "Козголоң" пьесасы, М.Горькийдин "Егорь Булычев" пьесасы, М.Шолоховдун "Тынч Дон" романы, Гоголдун "Текшерүүчү" пьесасы бар эле. Булардын көпчүлүгү өз алдынча китеп болуп чыккан жана айрымдары Кыргыз мамлекеттик театрында коюлган. 1928-1937-жылдарда күндөлүк басма сөз беттерине 11 илимий-методикалык макалалары жарыяланган.

Профессор А.Осмонкулов өз эмгегинде мындайча белгилейт: "С.Нааматовдун "Эне тилинин методикасы" деген эмгеги өз учурунда мугалимдер үчүн абдан чоң милдет аткаргандыгы талашсыз. Анткени буга чейин бир гана Э.Арабаевдин "Жазуу жолунда саамалык" аттуу китеби чыккан. Анда 11 сабакты окутуунун жолу көрсөтүлсө, С.Нааматовдун китебинде тилдин келип чыгышынан тартып, окуу-жазууга үйрөтүү методдору жөнүндө, балдарды сөзгө көнүктүрүү, көркөм чыгармаларды окутуу жумуштарына чейинки методдор көрсөтүлүп, алты бөлүмгө бөлүнгөн. Ошондуктан С.Нааматовду кыргыз тилин окутуунун методикасына негиз салуучу деп тайманбай эле атоого болот.

С.Нааматов Эл агартуу комиссариатынын мектеп башкармачылыгынын алдында программаларды жана окутуунун методикасын иштеп чыгуу секторунун башталгыч класстар боюнча адиси катары иштеп турганда Кыргызстандын булуң-бурчтанына командировкага жиберилип, текшерүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен айыл-кыштак мугалимдерине арнап ондогон

илимий-методикалык көрсөтмөлөрдү жазып, мугалимдерге чукулдан көмөк көрсөтүп келген. Мугалимдер үчүн консультацияларды өткөрүп, методикалык бирикмелердин иштерине жетекчилик кылып, педагогикалык көзөмөлдөрдү уюштуруп турган.

Мына ушундай активдүү иштерине карабай С.Нааматов Эл агартуу комиссариатынын 1935-жылдын 17-февралдагы буйругу менен кызматтан алынган. Буйруктун 3-параграфында мындай деп жазылган: "Методиста Школьного управления тов. С.Нааматова как чуждого элемента, протаскивающего в учебниках чуждую нам идеологию "Букварь для детей и букварь для взрослых" протаскивал теорию "Долой коня и верблюда", квалифицировал национальные части Красной Армии – как Национальные армии с 17/02 с г. с работы снять". Ошол эле жылдын 17-марттагы Эл агартуу комиссариатынын №90 буйругу менен С.Нааматовдун бир катар окуу китептери, алиппелери окуудан алынып салынган.

1937-жылы 10-августта Эл агартуу комиссариатынын №152 буйругу менен С.Нааматов Techинституттагы кызматынан алынат. Ал буйрукта мындай деп жазылган: "Приказываю директору Пединститута тов. Тынаеву снять с работы в Институте С.Нааматова, как националиста, протаскивающего тыныстановскую националистическую концепцию в методических и языковых вопросах". Кызматтан алынгандан кийин эле үйү тинтүүгө алынып, болгон китеп, кагаз аттуунун баары НКВД кызматкерлери тарабынан жок кылынып, 26-сентябрда камакка алынган. Камакта 141 күн жатып, 1938-жылы 10-февралда Кыргыз ССР НКВДсынын тройкасы (үч киши) атууга өкүм чыгарып, 14-февралда Фрунзе шаарында атылган. Сөөгү кайсы жерге коюлганы белгисиз.

Кийин С.Нааматовдун иши Кыргыз ССР Жогорку соту тарабынан 1957-жылы 26-февралда кайра каралып, кылмыш иши жок болгондуктан, 1938-жылдын 10-февралындагы Кыргыз ССР НКВДсынын тройкасынын чечими жокко чыгарылган жана биротоло акталган.

Мына "кырчынында кыйылган" Сатыбалды агабыздын көз ирмем өмүрүндөгү таржымалы. Бул анын адамдык бийиктиги жана пенделик алсыздыгы. Ишинин мазмуундуулугу жана көрө албастардын сокурдугу. "Эр эмгегин жер жебейт" демекчи, ал асыл адамдын кыска убакытта жасаган баалуу эмгегин кыргыз агартуучулары, окумуштуу-педагогдору ушул күнгө чейин баалап, туу кылып көтөрүп келе жатышат. Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин 2001-жылдын 10-сентябрында К.Тыныстановдун 100 жылдыгына арналган илимий конференцияда сүйлөгөн сөзүндө, профессорлор К.Тыныстанов, Е.Поливанов, доцент Т.Жолдошев, мугалимдер Б.Данияров, С.Нааматовдун ысымдарын атап келип, "Кайран гана залкарлар, бардыгы ак жерден репрессияга дуушар болуп, шейит кетишкен экен", - деп баса белгилеген. Акын Абдрасул Токтомушев "Алыкул Осмонов Сатыбалдыны "биздин мугалим" деп коюучу. Алыкул дагы, Кубанычбек дагы (Маликов) аны жакшы адам деп макташаар эле. Поэзияны жакшы көрөт, жакшы талдайт, өтө эмгекчил, токтоо сүйлөгөн, сабырдуу, кичине кекечтенип сүйлөйт дешчү", деп эскерет. Академик Ү.Асановдун 2002-жылы чыккан "Кыргызская наука в лицах" деген китебинде мындай деп жазылган: " Нааматов Сатыбалды (1905-1938) – один из первых просветителей Кыргызстана, активно занивавшийся ликвидацией безграмотности населения республики. Он опубликовал достаточно большое количество работ для того времени (более 40 намиенований за 7 лет). Одним из первых выпустил учебник по методике преподавания кыргызского

языка. Он состоял в близкой дружбе с К.Тыныстановым, Е.Поливановым, Т.Актановым и другими просветителями”

Бир кезекте элибиздин сабатсыздыгын жоюу үчүн кара жанын карч уруп иштеген агартуучунун эмгеги текке кеткен жок. Элибиз туташ сабаттуу, өзү туулуп өскөн Нарын жергесинде мамлекеттик университет ачылып, үзүрлүү иштеп жатат. Ушул күндө Нарын жергесинен өсүп-өнгөн азаматтарыбыздын ичинен 75 илимдин доктору, профессорлор чыгышты. Мына ушунун өзү Сатыбалды Нааматовдун мындан 70 жыл мурда баштаган ак эмгегинин жемиши, аруу тилегинин орундалышы.

Макаланын баш жагында айтылгандай Нарын мамлекеттик университетине залкар окумуштуу-педагог Сатыбалды Нааматовдун наамы берилсе деген сунушка мен толугу менен кошуламын. Ал адамдын өмүр жолу, жасаган эмгеги жаштарга үлгү болуп, ар дайым күч-кубат берип, алдыга үндөп турарында шек жок. Нарын облсттык администрациясынын, областтык кеңешинин жетекчилеринин, Нарын мамлекеттик университетинин жамаатынын бул маселе боюнча иштиктүү чара көрүүсүн көптөн-көп суранамын. Теңир тоолук жалпы агайын-туугандарды да ушул маселе боюнча ойлорун ортого салууга чакырамын.

**Орозобеков Сагын,**
**Кыргыз Республикасынын**
**байланышына эмгек сиңирген кызматкер**
**“Теңир Тоо” гезити, 2001-жыл.**

биздин адистер кыргыз совет адабиятынын башталгыч мезгилинин тарыхына олуттуу көңүл бурушса дурус болор эле. Анткени С.Карачев, Т.Жолдошев, С.Нааматов, Ш.Көкөнов сыяктуу кыргыз совет жазуучуларынын алгачкы муунунун өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы жөнүндө сөз козголчу мезгил жетти. Кыскасы, биздин адабиятыбыздын революцияга чейинки жана Совет бийлигинин тушундагы тарыхын толук калыбына келтирүү жумушу күн тартибинде калууда”

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин катчысы М.Ш.Шеримкуловдун Токтогулдун туулган күнүнүн 125 жылдыгына арналган салтанаттуу кечедеги сөзүнөн.

Ак жерден айыпталып, жалган жалаа менен куугунтукталып атылган же дайынсыз жок болгон “эл душмандарынын” басымдуу көпчүлүгү кийин толук акталышса да, элге сиңирген эмгектери учурунда өз баасын ала албады. Репрессиянын курмандыгы болгон ошол ысымдар кайра куруунун шарапаты менен бүгүнкү күндө гана тарыхтан татыктуу орундарын табышууда. Ошондой болсо да алардын айрымдарынын чыгармачылык мурастары түгүл, өмүр жолдорун тактоо да көп кыйынчылыктарды туудурууда. Анткени ошол кезде алардын документтери жок кылынган, эмгектери өрттөлгөн, өтө жакындары куугунтукталган. Аларды жакындан билген адамдардын катары улам барган сайын азаюуда.

“Арийне, 1930-40-жылдары арааны жүргөн саясий-идеологиялык зулумчулуктан жаш кыргыз адабияты да четте калган эмес. Тактап айтсак, “Сталин Конституциясы” кабыл алынганга удаалаш жүргөн массалык камап-

кыруунун капшабында улуттук адабиятыбызга негиз салышкандардан Сыдык Карачев, Касым Тыныстанов, Сатыбалды Нааматов тындым кылынган. Ырас, алар КПССтин XX сьездинен кийин жок жерден таңууланган күнөөлөрүнөн тазаланып, бардык жагынан акталган. Бирок алардын аттарынын басма сөздө ачык айтылып турушу, тарыхый китептерден өздөрүнө ылайык орун табышы, чыгармаларынын жарык көрүшү көп кыйынчылыктарга туш келди" – деп жазат белгилүү илимпоз-жазуучубуз Салижан Жигитов "Тыныстановдун акындык өнөрү" деген макаласында (Ала-Тоо, №10, 1988). Өткөн сенектик жылдарында бул ысымдарга кайдыгер мамиле болгондугу, алардын атын атоодон чочулагандык, сактангандык сыяктуу көрүнүштөр жашырын эмес. Ошентсе да бул адамдар жөнүндө мүмкүн болушунча толугураак билүү, алардын тарыхтагы ордуларын аныктоого жардамы тиери анык.

Биз сөз кылууга ниеттенип отурган ошондой адамдардын бири – Сатыбалды Нааматов. С.Нааматовдун ысмы айрым илимпоздордун, адабиятчылардын эскерүүлөрүндө, кээ бир эмгектеринде тизменин арасында гана анда-санда айтыла калып жүрөт. Бирок, ысымды атаган менен, адамдын жасаган ишине, элге сиңирген эмгегине адилет баа берип, элге тааныштыруунун, анын өзү эмгектенген тармактагы ээлеген ордун аныктоонун жөнү башка эмеспи.

Сатыбалды Нааматов 1905-жылы Ат-Башы районундагы азыркы "Пограничник" колхозунун аймагында туулган. 1926-27-жылдары Алматы шаарындагы Жетисуу эл агартуу институтун бүтүрүптүр. Бул институттан ошол учурларда алгачкы кыргыз интеллигенциясынын бир тобу Токчоро Жолдошев, Касымалы Баялинов, Султан Курманов, Турдакун Сопиев ж.б. окушкан экен. Сатыбалды бул институтту

бүтүргөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик techинститутунда мугалим болуп иштептир. 1937-жылы сентябрда камакка алыныптыр. Ал ошол боюнча дайынсыз болгон. 1957-жылы гана аялы Салима Нааматова Сатыбалдынын иши Кыргыз ССР Жогорку соту тарабынан 1957-жылдын 26-февралында кайра каралып, кылмышы жок болгондуктан Кыргыз ССР НКВДсынын үчилтигинин 1938-жылдын 10-февралындагы токтому жокко чыгарылып акталгандыгы жана 1944-жылы 15-февралда мээси кабылдап каза болгондугу жөнүндөгү медициналык справка алган. Бирок ошол чын болду бекен!? Эгер чын болсо 1944-жылга чейин каякта болгон? Кайсы түрмөдө отурган? 1937-жылы өлгөндөрдүн саны өтө эле көп болуп кеткендиктен, анын курмандыктарын ар кайсы жылдарга чачышкандыктары бүгүн гана белгилүү болуп атпайбы.

Кыргыз ССР Борбордук Мамлекеттик архивинин 1957-жылы 7-майда аялы Нааматова Салима Мамбетовнага берген справкасында Кыргыз ССР Эл агартуу комиссариатынын 1937-жылдын 22-июлундагы №144 приказы менен Нааматов techинститутка тапшыруучуларды кабыл алуу комиссиясына мүчө болгондугу, 1937-жылдын 10-августундагы №152 приказы менен Нааматов кызматтан четтетилгендиги (кызматтан четтетүүнүн негизи Ф.1725, оп 1, д.7. л.л. 85, 111 деп көрсөтүлгөн), бул архивде techинституттун 1928-38-жылдардагы башка материалдары жок болгондуктан, Нааматовдун иш стажы, айлык акысы ж.б. маалыматтарды бере албастыгы белгиленген. Ошентип, бул адам жөнүндө толук маалымат алуу өтө кыйын.

Сатыбалды репрессияланганда жалгыз кызы Үмүт бештерде экен. Ал азыр пенсияда. Атасынын элеси ошол кездегидей эле кара каш, кара көз, келишимдүү жигит боюнча көз алдында калган. Ал түгүл кийип жүргөн күрөң костюму да эсинде. “Түнкүсүн дайыма кагаз жазып отурар

эле. Аны камакка алганда китеп-кагаз, сүрөттөрүнөн өйдө алып кетишкен. Төшөнчү-жаздыктарды да сөгүп, ичтерин аңтарышкан" – дейт Үмүт эже. Үмүт эже менен энеси экөөнүн андан кийин көрбөгөн кордугу калган эмес. Апасы Салима Сатыбалды менен болгону 6 жыл гана бирге жашаган экен. 24 гана жашында ажырап, жалгыз кызын, неберелерин тарбиялап өстүргөн. Ал өзү болсо 1931-жылы Москвадан медициналык техникумдун акушердик бөлүмүн бүтүргөн. Атайын медициналык билимдүү алгачкы кыргыз кызы. 1931-67-жылдары республикалык төрөт үйүндө эмгектенген. Элге-журтка эмгеги сиңген кадырлуу киндик эне. Азыр ардактуу эс алууда, жашы 76да, алдан-күчтөн тайып, ден соолугу бузулган.

Эмки сөз Сатыбалдынын илимий педагогикалык жана адабий мурастары жөнүндө болсун. 1928-жылдын май айынан чыга баштаган "Жаңы маданият жолунда" деген илимий-педагогикалык жана адабий көркөм журналдын 1928-жылдагы №3-7 сандарына "Барса келбес сапар" аттуу аңгемеси жарыяланыптыр 1929-жылы Намат уулу Сатыбалдынын "Сабатсыздык жоюлсун" деген чоңдор үчүн алиппеси жарык көргөн. Ал китеп 64 беттен турат. Китептин алгачкы 24 бети тамгаларды үйрөтүүгө, аларды кураштырып окууга арналган. Ар бир тамга (арип) тиешелүү сүрөттөр менен коштолуп, тамгалардын басма, жазма түрлөрү көрсөтүлгөн. Китеп бизге белгилүү "ат, кат, така, атка така как" деген сөздөр менен башталган. Андан ары китепке Кеңеш өкмөтү, Интернационал, 1-Май, 21-январь деген ырлар, чакан аңгемелер киргизилген. Арыз, тил кат, токтом жазуу үлгүлөрү келтирилген. Котон жара, котур, чечек, келте оорулары, эмчилер, ичкиликтин зыяны ж.б. жөнүндө чакан макалалар берилген. Ошондой эле чен өлчөмдөр жөнүндө да маалыматтар камтылган.

Оку да жаз!
Эмгекчил эл эзилген.
Ал заманда,
Окуу кайда?
Көзүндөн жаш эшилген.
Бул заманда –
Талаа, шаарда
Окууга жол абдан кең.
Караңгылык –
"Чылык, чылык"
Бездирбесин окуудан.
Эмгекчил эл
Билимди эм –
Эмер кезиң, билим эм!
Эмер кезиң, билим эм!

деген маанайда жазылып, эмгекчил элди билим алууга чакырган. Ошол эле 1929-жылы А.Шабданов менен бирдикте 40 беттен турган "Тунгуч" аттуу аялдар үчүн окуу китебин чыгарган экен. Бул китеп "Кыргыз аялдары Өктөбүр өзгөрүшүнө чейин жана Өктөбүр өзгөрүшүнөн соң" – деген макала менен башталат. Китепке Ысак Шайбек уулунун "Кайран эл" деген ырынан үзүндү, Ж.Кырбаш уулунун, Кайнардын, Жоомарттын, Кубанычбектин ырлары ж.б. майда аңгемелер киргизилген.

Ошол жылы "Балдар китепканасы" деген серияда Сатыбалдынын "Жөжөлөр" деген аңгемелер жыйнагы жарык көргөн. Ага "Жөжөлөр"жана "Молдо Сасык" деген эки аңгемеси киргизилген. 1930-жылы "Чала сабаттуулар үчүн окуу китеби", "Тынымкан" аттуу аңгемеси жарык көргөн. 1931-жылы "Кичинекей колхозчу" деген балдар алиппеси чыккан. С.Намат уулунун "Тилибиздин методикасынан" деген 1932-жылы чыккан китеби жогорку "Кичинекей колхозчу" аттуу алиппени окутуу методикасы жөнүндө жазылган. Ушул эле жылы "Анык

политехникелешкен мектеп үчүн күрөшүү" деген китеби чыккан. 1933-жылы "Балдар алиппесин окутуу методу", 1934-жылы "Алиппе", "Сабаттуу колхозчу" (бул китеп 6 ирет басылыптыр, акыркысы 1934-жылы), "Балдар үчүн алиппе", 1935-жылы "Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөткүчү" – деген китептери жарык көргөн.

С.Намат уулунун чала сабаттуулар үчүн "Окуу китеби" эки бөлүктөн турат. Үч жолу басылган. 3-жолкусу 1935-жылы чыккан. 1-бөлүгү балдарга ылайыкташтырылган, ал эми 2-бөлүгү чоңдорго арналган. Сатыбалдынын бул эмгектеринин бардыгы латын тамгасы менен жазылган. Айтор Сатыбалды ошол кездерде активдүү эмгектенген экен.

Кыргыз совет адабиятынын тарыхында (1-том, Илим, 1987-ж.) С.Нааматовдун поэтикалык тажрыйбасы жөнүндө да азыноолак сөз болгон. Ал айтылуу Кызыл Учкун адабий ийриминин да активдүү мүчөсү экен (КСЭ, 3-том, 147-бет).

Сатыбалдынын 1935-жылдан камалганга чейинки эмгектери белгисиз. Албетте, жарыяланбай калган чыгармалары жана эмгектери да болгондур. Ал эми жарык көргөндөрүнөн 30 жашка чыкканга чейин эле окуу куралдары, окуу китептери дээрлик жок мезгилде, сабатсыздык али толук жоюла электе жогоруда аталган эмгектерди жараткан адам, кийин далай-далай эмгектерди элине тартуулабайт беле. Элге бергенинен бере элеги көп эле го!?

Жогоруда айтылгандарды тастыктаган дагы бир макала жөнүндө кыскача кошумчалоону туура таптым. "Антология жөнөкөй эле китеп эмес, ошондуктан анын нарк-дөөлөтүн таразалоочу чен-өлчөмдөр арбын, менимче, уңгулуу белгилердин бири – эне тилдин, улуттук адабияттын мектепте окутулушу, педагогикалык аспектиде

изилдениши болуш керек. Тилекке каршы, бул тармакка байланыштуу бир дагы методикалык макала, эмгек киргизилбептир. А чындыгында Э.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Нааматов жана башка ысымдарсыз республикадагы илимий-педагогикалык ойдун пайдубалын элестете албайм, андыктан антология тарыхый-агартуучулук чындыктан буйтап кеткендей" деп жазат педагогика илиминин кандидаты Назаркул Ишекеев "Антология, сапатың кандай?" – деген макаласында (КМ, 20-июль, 1989-жыл). Бул макала "Кыргыз ССР педагогика ойлорунун антологиясы" (Москва: "Педагогика", 1988) деген китепке рецензия катары жазылган экен. Бул макаладан С.Нааматов педагогика илимине зор салым кошкондордун бири экендигин байкоого болот. Каат жылдардын залакасы тийип, илимий-педагогикалык ишке аздыр-көптүр эмгеги сиңген адамдарыбыздын ушул мезгилге чейин тарыхтан өз ордуларын таппай жүрүшү албетте, өкүнүчтүү.

**Ы.КАДЫРОВ**
**КСЭнин ага илимий редактору**

"Мугалимдер газетасы", №70, 3-ноябрь, 1989-жыл

# “КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ” УНУТКАН САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ

Ушундай тема коюп макала баштаган соң Сатыбалды Нааматов деген ким болгон, кандай чыгармаларды жазган, деги эле жогорудагы аталган китепке кирүүгө татыктуу беле? – деген суроолорго жооп издеп көрөлү.

Кыскача анын өмүр баянына көз салалы. Ал Атбашынын Жаңыкүч деген айылында 1905-жылы туулган. Кадимки манас жыйноочу Ыбырайым Абдрахмановдон окуп, сабатсыздыгын жойгон. Кийин орус-тузем мектебинен окуган. 1928-ж. Алматыдагы Казак-кыргыз агартуу институтун бүтүргөн. Ошол жылдан баштап Кыргызмамбаста, Кыргыз педагогиялык институтунда иштеген. 1937-ж. репрессияланып атылган, күнөөсү жоктугуна байланыштуу 1957-ж. акталган. Кыскача өмүр жолу ушул. Болгону 34 жыл гана өмүр сүргөн.

Бирок ушул 34 жылдын ичинде ал кандай чыгармаларды жазган. Адегенде анын жазуучу катары калтырган эмгеги жөнүндө гана айталы. В.И.Ленин атындагы Улуттук китепканада сакталып турган китептерине көз жүгүртсөк, анын 1928-ж. 28 беттен турган «Жөжөлөр. Малдо Сасык» (тестиер балдар үчүн), 1930-ж. 48 беттен турган «Тынымкан» (аңгеме) деген китептери жарык көргөн экен. «Жаңы маданият жолунда» деген илимий-педагогикалык жана адабий көркөм журналдын 1928-жылдагы № 3-7 сандарына «Барса келбес сапар» аттуу повести, «Кызыл Кыргызстан» гезитинин 1928-жылдын 2-февралындагы санына «Ким жазыктуу» деген аңгемеси жарыяланыптыр. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхында» (1-том, Илим, 1987. 63-73-беттер) «Түштүктө жер төңкөрүшү» деген поэма, «Алай» деген ырлар циклин,

«Шексиз тилек» деген аңгеме жазгандыгы айтылыптыр (кызыгы совет мезгилинде жарык көргөн адабият тарыхында С.Нааматов унутта калбаптыр). Андан сырткары ал «Эрксиз күндөрдө» (С.Карачевдин аңгемеси боюнча), «Ленин тууралуу» деген сын макалаларды жазыптыр. «Он алтынчы жыл» деген пьеса, Гоголдун «Текшерүүчүсүн», Д.Фурмановдун «Козголоңун» которуптур. Анын 1928-35-жылдары булардан башка «Сабатсыздык жоюлсун» (чоңдор үчүн алиппе), «Кичинекей колхозчу» (балдар үчүн алиппе), «Окуу китеби» (2 бөлүктөн турат, 3 жолу басылган), «Сабаттуу колхозчу» (7 жолу басылган), «Тунгуч» (аялдар үчүн окуу китеби) ж.б. китептерди жазыптыр. Бул окуу китептерине башка акын-жазуучулардын чыгармалары менен катар эле Сатыбалды Нааматовдун өзүнүн чыгармалары да пайдаланылгандыгы айтпасак деле түшүнүктүү.

Эми С.Нааматовду жазуучу катары мүнөздөгөндөргө кезек берели. 1931-ж. «Чабуул» журналынын биринчи санына М.Дөгдүров «Акын, жазуучуларыбыз жана көркөм адабиятыбыз» деген макаласында: «Касым, Сыдыктар менен катар бир топ акын, жазуучуларыбыз чыга баштады. Алардын аттарын атай турган болсок: Аалы Токомбай уулу, Мукай Элебай уулу, Молдогазы Токобай уулу, Касым Баялы уулу, Сатыбалды Наамат уулу, Кубанычбек Малик уулу, Бөрү Кененсары уулу, Масыраалы Кырбаш уулу, Саткын Сасыкбай уулу, Жоомарт Бөкөнбай уулу, Жусуп Турусбек уулу жана башка бир топтору» («Чабуул», №1, 1931) деп жазат. Жазуучулар союзунун I съездинде Кубанычбек Малик уулу «Проза тууралуу» сөз сүйлөп, анда мындай дейт: «... Сыдыктан кийинки жазуучу Сатыбалды Наамат уулу эле. Бул жолдош аңгемени колхоз курулушу башталганча жакшы жазды. «Барса келбес сапарды» жазды. Экен-токон сынчы да боло койду. Бирок кайта

куруу доорунан бери тарта анын каламы дагы «барса келбей» калгандай болду, дымы чыкпай кетти. Бирок Сатыбалдыны сөгө турган жерибиз анын тили түшүнүксүз. Кайда киши түшүнбөгөн эски тилди жыйып алып, ошону чыгармасына колдонот. Бүгүнкү күндүн өндүрүш катнашынан, маданият өнүгүшүнөн чыккан, бүгүнкү кишилер сүйлөгөн жаңы тилди колдонууга көп кызыкпайт» деп сындаган («Кыргыз совет адабияты», «1-4,1935,92-бет). Зыяш Бектенов «Замандаштарым жөнүндө эскерүү» аттуу китебинде (Бишкек, «Адабият», 1992) «Ошол мезгилде кыргыз жазуучуларынын ичинен кара сөз менен аңгеме жазгандардын чеберлери: Касым Тыныстанов, Сыдык Карачев, Касымалы Баялинов, Сатыбалды Нааматов, Узакбай Абдукаимов жана Ташым Байжиевдер болучу» (111-бет), «Сатыбалды Нааматовдун ылакап аты Эпкин болгон» (52-бет) десе, Салижан Жигитов «... кыргыз совет адабиятына негиз салгандардын ичинде С.Карачев менен К.Тыныстанов экөөнөн башкалары да бар. Алардын көрүнүктүүлөрү деп Бөрү Кененсарин, Сатыбалды Нааматов, Шарип Көкөновдорду атасак болот» дейт («Унутулгус инсан», Советтик Кыргызстан, 25.10.1989). «... Булардан сырткары улуттук басма сөзгө өздөрүнүн ырларын, поэмаларын жарыялашкан, жаңы поэзиянын пайда болушуна жана өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде эмгек сиңиришкен Ж.Жамгырчиевдин, Б.Кененсариевдин, С.Карачевдин, С.Нааматовдун, М.Токобаевдин поэтикалык тажрыйбалары тууралуу сөз жүрөт» («Кыргыз совет адабиятынын тарыхы», 1-том, 1987-ж., аттуу китепке карата жазылган Киреше Иманалиев менен Абдылда Мусаевдин «Жаңы бийиктиктен» деген макаласынан, КМ, 23-02, 1989). «Кызыл учкундун» жыйынына келип, акыл-насаат айтуучулардын ичинде Аскар Идрисов, Сатыбалды Нааматов, Бөрү Кененсарин болор эле» (Т.Кекиликов, «Ленинчил жаш», 7.02.1989). «...Б.Данияров, С.Нааматов

жана башка көптөгөн кадрлар биринчилерден болуп алган билимдери, жаңыдан ачылып келе жаткан чыгармачылык таланттары, күжүрмөн ишмердиктери, күлгүндөй жапжаш өмүрлөрү, социализмдин жолуна жаңы түшкөн кыргыз элинин адабий-маданий майданын терең байыта албай, 30-жылдардагы репрессиянын каардуу жылдарына туш келгени кейиштүү» (Ж.Сагындыкова, тарых илимдеринин кандидаты, МГ, 22.12.1989). «Сатыбалды Нааматов С.Карачевдин «Эрксиз күндөрдө» деген повестин бай-манаптарга жан тартуу менен жазылып, жаңы салт-санаа үчүн бетке чиркөөлүк кылган чыгарма деп катуу сынга алган (С.Жигитов, «Дагы бир сынган бугу», КМ, 22.07.1989). «Эрксиз күндөр» деген тун повести жарыяланаар замат С.Нааматовдун чыгарманын атын кайталаган сын макаласы «Жаңы маданият жолунда» (1928, №5) журналына жарыяланат» (Самсак Станалиев, «Карачевди ким эстейт?», КМ, 17.09.1992). Журналист Б.Таштаналиев «Идрисов жана анын иши» деген макаласында «... Аскар Идрисов ичкериден (Москва, Ленинград) окуп келген Сатыбалды Нааматов менен бирге Мукай Элебаев активдүү катышуучуларынын бири болгон адабий ийримге өз убагында жетекчилик кылып келген экен» деп жазат (КТ, 7-9-октябрь, 2003). Абдрасул Токтомушевдин эскерүүсүндө: А.Осмонов С.Нааматовду «Биздин мугалим» деп атоочу» дейт. С.Нааматовдун жазуучу экендигин билдирген маалыматтар жазуучу Самсак Станалиевдин «Касым Тыныстанов (Чагылгандын көз жашы)» (Бишкек, 2001) деген романында да жолугат (251, 266, 314, 324-беттер).

Ал эми «Нарын облусу» деген энциклопедияда С.Нааматовго «кыргыз адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири» (303-бет), Б.У.Урстанбеков менен Т.К.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» аттуу кыскача энциклопедиялык сөздүгүндө (КСЭ, Фр., 1990) «тилчи, жазуучу жана илимпоз»,

академик Үсөн Асановдун «Кто ест кто в киргизской науке» (1997), «Кыргызская наука в лицах» (2002) деген китептеринде да окумуштуу, жазуучу деп аныктама берилген.

Ушул кезге чейин С.Нааматовдун 1935-жылга чейинки гана эмгектери жөнүндө сөз болуп келет. Ал кийин эмнелерди жазганы белгисиз бойдон калууда. Ошондой эле анын жарык көргөн чыгармалары дагы өз баасын ала элек. Ошол мезгил жөнүндө 1991-жылы «Адабият» басмасы чыгарган «Касым Тыныстан уулу» аттуу китепке жазылган Абдыганы Эркебаевдин «Жаңы маданиятыбыздын көч башы» аттуу макаласында (ошол китептин 189-90-беттери) мындай деп таасын айтылат: «Ошол мезгилдин сынын окуп отурсаң, «эски», 1924-25-жылга чейинки акын-жазуучуларга коюлган саясий күнөөлөр булар: «бай-манапчыл», «Контрреволюциячыл», «улутчул» ж.б. А аргументтер кайсылар дебейсизби? Эгер чыгармада бай-манаптар сүрөттөлсө анда автор «бай-манапчыл», эгер пролетариат диктатурасы даңкталбаса «контрреволюциячыл», өткөн турмуш көрсөтүлсө «өткөндү көксөйт», «улут» деген сөз кездешсе «улутчул» болот ж.б.у.с. Атүгүл фольклордук сюжет менен образ, айталы, Манас, Жаңыл Мырза кездешсе, автор «феодалчыл» болуп чыга келет. Эң кызыгы – табият, өмүр, махабат жөнүндөгү ырлар да идеологиялык-саясий жактан зыяндуу болуп бааланат, анткени аларда пролетариат идеологиясы жок имиш. Ушул көз караштан караганда К.Тыныстановдун, С.Карачевдин, Ш.Көкөновдун, С.Нааматовдун, Б.Кененсариевдин чыгармалары эле эмес, 1920-жылдары өзүнчө китеп болуп чыккан «Семетей» эпосу, Боогачынын «Күйгөн», «Секетбайы», К.Баялиновдун «Ажары» да «бай-манапчыл», «эскичил» катары айыпталган. Кыскасы, ал мезгилде фольклорду

өзүнчө талдап-билүү, адабияттын эстетикалык табиятын түшүнүү деген болгон эмес…

…Адабият майданында башталган мына ушул жагымсыз көрүнүштөр бара-бара партиялык-мамлекеттик деңгээлге көтөрүлгөн. Натыйжада 1930-жылдардын башында партиялык-мамлекеттик документтерде башкалар (С.Карачев, Ш.Көкөнов, С.Нааматов ж.б.) менен бирдикте К.Тыныстановго да олуттуу саясий айыптар коюлуп, кийинчерээк (1933-1934-жылдары) ал «контрреволюциячылдыктын жана улутчулдуктун башкы идеологу» деп аталган».

«С. Нааматов убагында көп иштерди аткарып, «Алиппеден» баштап ондогон окуу китептерин жазуу менен жогорку окуу жайларына кыргыз тилинин усулдуган дарс окуп, көп сабактардын план-конспектилерин түзүп, кыргыз тилин окутуу усулдугуна негиз салганын», агартуучулук, педагогикалык, илимпоздук эмгектери жөнүндө илим доктору, профессор Аскар Осмонкулов агайыбыз дегеле көп жазды. Эмгектерине киргизди. Студенттерге курстук иштерди жаздырды. Ал эми жаш окумуштуу Өмүркул Өмүрзаков «Сатыбалды Нааматов – окумуштуу-педагог» деген китеп (Бишкек, 2002) чыгарган. Азыркы мезгилде изилдөө ишин жүргүзүүдө. Ал эми анын окумуштуулук, агартуучулук эмгектери жөнүндө сөз кылган жокпуз, анткени алар жөнүндө жетишээрлик айтылып да, жазылып да жүрөт.

Мына ушулардан кийин С.Нааматовдун кыргыз жазуучуларынын алгачкы муунунун өкүлдөрүнүн бири экенине, кыргыз адабиятын баштоочулардын алдыңкы катарында турганына, чыгармалары ошол мезгилдеги жазуучулардын чыгармалары менен эле катар айтылганына, жаңы поэзиянын өнүгүшүнө кандайдыр бир деңгээлде салым кошконуна ишенүүгө аргасыз болосуң. Ошондой болсо да өткөн жылы жарык көргөн «Кыргыз

адабиятынын тарыхы» деген 7 томдук китепке жазуучу катары С.Нааматовдун унутта калганы өкүндүрөт.

Ошону менен эле катар 2-3 жыл мурда Нарын облусунун аттуу-баштуу инсандары Нарын мамлекеттик университетине С.Нааматовдун ысымын ыйгаруу жөнүндө маселе көтөрүп чыгышты эле. Бул маселе дагы алиге чечилбей келет. Же мындай маселени чечиш үчүн сөзсүз эле жылкы союп, той бериш керекпи?

**Жумаш Койчуманов,**
Педагогика илимдеринин кандидаты,
**Ысмайыл Кадыров,**
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер

"Адабий АлаТоо" гезити, февраль, 2006-жыл, №3.

## АЛГАЧКЫ АГАРТУУЧУЛАРДЫН ИРИ ӨКҮЛҮ – САТЫБАЛДЫ НААМАТОВ

Сатыбалды Нааматов – жаңыдан канаты жетилген шумкардай, табына келип калган тулпардай туйлап турган кырчын курагында, обого шаңшып чыгаарында, элге бергенинен бере элеги көп болуп, акыл-эси толуп илимге да, адабиятка да шайма-шай кирүүгө даяр болуп калган убагында капилеттен набыт болгон 1937-жылдагы кандуу репрессиянын курмандыгынын бири.

Ал 1905-жылы Ат-Башы районунун азыркы Жаңы-Күч айылынын аймагындагы Балагазы деген жерде жарык дүйнөгө келген. Сатыбалдынын чоң атасы **Токтогул** оокаттуу адам болгон. Токтогулдун эки аялы болуп, улуусунан **Намат**, кичүүсүнөн Кенжекул. Токтогул балдарын молдодон окутуп сабатын ачкан. Намат элге алымдуу, кадыр-барктуу, сабаттуу адам болгондуктан эл аны бий шайлашат. Наматтын атасы Токтогул уулу бий

болуп турганда Мекеге барып, ажы болуп келген экен. Намат бийдин үч аялы болгон. Байбичеси Ултайдан Түркмөн, **Сатыбалды**, ортончу Кызалак аттуу жеңе аялынан Курманалы, кичи аялы Сейилмандан Белек, Жанек, Күлүш төрөлөт. Сейилман белгилүү фольклор изилдөөчү, манас таануучу Ыбырайым Абдырахмановдун бир тууган карындашы болгон. Ы.Абдырахманов 1905-жылы Караколдогу 7 жылдык татар мектебин бүтүп, 11 жылы Жети-Өгүздө биринчи баскычтагы мектепте мугалим болуп иштейт. 1916-жылдагы Улуу Үркүндө эл менен кошо Кытайга качып барып, Кашкарда туруп калат. 1918-жылы эл кайра жерине кайта баштаганда алар Көлгө Ат-Башы аркылуу өтмөк болуп, Ат-Башыга келип кыштап калышат. Ал жерден карындашы Сейилманга Намат үйлөнөт. Ыбырайым жалгыз карындашын каралап Ат-Башыда калып калат. Ошол мезгилде революциядан кийин ачылган Ат-Башыдагы советтик мектептерде алгачкы мугалимдерден болуп иштей баштайт. Мына ушул жерден ал жээни Сатыбалдыны да араб графикасында окутат. Ы.Абдрахмановдун таасири менен билим алууга кызыгуусу артат. Сатыбалдынын зээндүүлүгүн байкаган Ы.Абдрахманов 1926-жылы аны атка учкаштырып алып Алматыдагы Казак-кыргыз эл агартуу институтуна киргизип келет. Жеринен зээндүү, билим алууга дилгир Сатыбалдынын мына ушул жерден турмушка болгон көз карашы калыптанат, ой чабыты артат. Орус, казак, татар, өзбек тилиндеги адабияттарды көп окуйт, өзү ыр, аңгеме жаза баштайт. Чыгармалары ошол кездеги басма сөзгө жарыяланып турат. 1928-жылы институтту методист-педагог адистиги боюнча бүтүп келип, Кыргызмамбаста редактор, ошол эле учурда Кыргыз мамлекеттик педагогикалык техникумунда мугалим болуп иштей баштайт.1930-жылы "Манас" эпосун басууга даярдоо боюнча илимий комиссияга да мүчө болот. Ошол жылдары

атасы Намат үй-бүлөсү менен көчүп келип, Бишкекте чогуу жашап турушат.

1933-жылы 2-декабрда Эл агартуу комиссары П.Т.Пановдун №85 буйругу менен Эл агартуу комиссариатынын мектептер башкармалыгынын алдында Окуу программаларын жана окутуу методикасын иштеп чыгуу боюнча сектор түзүлүп, ага Б.Данияров сектор башчы, С. Нааматов башталгыч класстардын методисти жана кыргыз тилинин программасын, методун түзүү боюнча жетектөөчү адис болуп дайындалат. Анткени ушул кезге чейин эле С.Нааматов "Сабатсыздык жоюлсун" (1929) деген чоңдор үчүн алиппени (ал 7 жолу оңдолуп, толукталып басылган), "Биздин мектеп" 1930, Э.Арабаев менен бирге, "Алиппе" (1931), "Кичинекей колхозчу" (1931), "Тунгуч" (кыз-келиндер үчүн окуу китеби, А.Шабданов менен бирге, 1929), "Чала сабаттуулар үчүн окуу китеби" (1930), "Окуу китеби" (1930), "Жаш эпкиндүүлөр" (1931) (бул окуу китептери да бир нече жолу толукталып, оңдолуп кайра басылган) деген окуу китептерин жазып, "Эне тилинин методикасынан (1930), "Тилибиздин методикасынан" (1932), "Балдар алиппесин окутуу методу" (1933), "Башталгыч класстардын программасы" (1932), "Борьба в вопросах учебной программы и методики" (1933) деген окуу программаларын иштеп чыгып төбөсү көрүнүп калган эле. Эл комиссариатына (азыркыча Министрликке) кызматка келгенден баштап, ал эки эсе күч менен эмгектенген. Негизги кызматын аткаруу менен эле катар элдин сабатсыздыгын жоюуга, ошол мезгилде жаңыдан түзүлүп жаткан мектептерде кыргыз тилин окутуу усулун иштеп чыгууга баш оту менен киришип, мурдагы окуу китептерин оңдоп, түздөп кайрадан чыгарып, улам жаңыларын даярдап, күндү күн, түндү түн дебей эмгектене баштаган. Чоңдор үчүн алиппенин, балдар үчүн алиппенин, беш

методикалык китептин, башталгыч класстын мугалимдери үчүн 6 программанын, бир катар илимий-методикалык макалалардын, көркөм чыгармалардын автору болуп калган. С.Нааматов жазган алиппе жана окуу китептеринин саны ошол кездеги окуу китептеринин авторлоруна караганда көп болгон, сапаты да мыкты болуп, илимий жана методикалык талапка ылайык жазылгандыгы менен айырмаланган. Ошол мезгилде жапырт сабатсыздыкты жоюуда эл агартуу майданынын алгачкы карлыгачтары, улуу инсандар И.Арабаев, К.Тыныстанов, А.Шабданов, Б.Данияров, С.М.Абрамзон, Ы.Тойчинов, Б.Кененсарин, К.Мифтаков, Ш.Көкөнов ж.б. менен бирге иштешкен.

1932-33-жылдары Кыргыз улуттук театрында ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун жактыруусу менен К.Тыныстанов башында турган авторлордун "Академиялык кечелер" аттуу спектаклдер сериясы коюлган. Ал ошол кезде элдин абдан катуу жактыруусуна ээ болгон. Бирок 1933-жылдын 7-мартындагы "Правда" гезитине жарыяланган "До конца разбить буржуазно-кулацкий национализм" деген макалада "Академиялык кечелер" негизсиз катуу сынга алынган, театрда коюлуудан алып ташталган. Авторлоруна, айрыкча негизги автору К.Тыныстановго саясий күнөө коюлуп, айыптала баштаган. Ушундан тартып К.Тыныстановдун чыгармалары буржуазиялык-улутчул көрүнүш катары тынымсыз жамандала берген.

Бул саясий кампаниядан С.Нааматов да четте калган эмес. К.Тыныстановдун шакирти катары анын окуу китептери да тымызын иликтене баштаган. Натыйжада балдар үчүн жана чоңдор үчүн жазган алиппелеринен "буржуазиялык идеяны жактаган, советтик коомго жат элементтер табылып" С.Нааматов 1935-жылдын 17-февралында Эл агартуу комиссары Т.Жолдошевдин буйругу менен Эл агартуу комиссариатындагы

методисттик кызматынан алынган. Анын бардык китептерин карап чыгуу үчүн комиссия түзүлүп, натыйжада Эл агартуу комиссариатынын 1935-жылдын 17-мартындагы №90 буйругу менен С.Нааматовдун бир катар окуу китептери, алиппелери мектептерде колдонуудан алып салынган. Министрликтен кызматтан алынгандан кийин С.Нааматов 1935-37-жылдары Кыргыз techинститутунда мугалим болуп иштеп, кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча студенттерге лекция окуган.

1937-жылдын 22-июлунда Эл агартуу комиссарынын №144 буйругу менен пединститутка тапшыруучуларды кабыл алуу комиссиясына мүчө болсо, К.Тыныстанов камалгандан кийин, Тыныстановдун улутчулдук концепциясын жактаган улутчул катары С.Нааматов 1937-жылы 10-августта Эл агартуу комиссары О.Алиевдин №152 буйругу менен мугалимдик кызматтан бошотулган. Ошол мезгилде атасы Намат баш болгон туугандары “эми сени да камайт, бул бир алаамат болуп калды, сен Алматы жакка барып, бул алаамат басылганча 2-3 жүрүп кел” деп кеңеш беришет. Бирок Сатыбалды “мен өкмөт менен партияга эч кандай жамандык кылган жокмун, анын үстүнө эч бир партиянын мүчөсү эмесмин, мени камабайт” деп актыгына ишенип болбой коет. Бирок, советтик идеяга ашкере берилген, ак экенимди акыры түшүнүшөт деген Сатыбалдынын үмүтү таш каап 1937-жылы 26-сентябрда камакка алынат. НКВДнын кызматкерлери тарабынан үйү тинтилип, үйүндөгү болгон китептери, кол жазмалары, сүрөттөрү жок кылынат. 1938-жылдын 10-февралында Кыргыз ССР НКВДсынын үчилтиги атууга өкүм чыгарып, 14-февралда өкүм ишке ашырылган. Мына ошол учурда С.Нааматов болгону 33 гана жашта эле. Бирок ушул кезге чейин сөөгү кайсыл жерге коюлганы белгисиз болуп келет. Ошол каардуу

жылдар артта калып, заман өзгөрүп, дээрлик 20 жыл өткөндөн кийин гана С.Нааматовдун ишин 1957-жылдын 26-фералында Кыргыз ССР Жогорку соту кайра карап, кылмыш иши жок болгондуктан 1938-жылдагы НКВДнын үчилтигинин өкүмүн жокко чыгарган. Ошентип кийин акталса да С.Нааматов өзүнүн татыктуу ордун али ээлей элек. Албетте 1956-жылга чейин С.Нааматов жана анын эмгектери жөнүндө эч ким айта да, жаза да алмак эмес. С.Нааматовго арналган чоң эмгектер жаралбаса да белгилүү окумуштуулар, жазуучулар өз макалаларында анын эмгегин белгилешет. 1960-жылдан тартып ушул кезге чейин профессор Аскар Осмонкулов С.Нааматовдун эмгегин айтып, китептерине жазып, эмгектерин сан жагынан гана эмес, сапат жагынан да жогору баалап келет. Кыргыз Улуттук университетинин филология факультетинде С.Нааматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча курстук, дипломдук иштер жазылат. Ошондой эле жаш изилдөөчү Ө.Өмүрзаков 2002-ж. "Сатыбалды Нааматов – окумуштуу-педагог" деген китепче чыгарган.

Ал эми анын жазуучулугу жөнүндө да бир-эки пикирди кыстара кетели. Зыяш Бектенов «Замандаштарым жөнүндө эскерүү» аттуу китебинде (Бишкек, «Адабият», 1992) «Ошол мезгилде кыргыз жазуучуларынын ичинен кара сөз менен аңгеме жазгандардын чеберлери: Касым Тыныстанов, Сыдык Карачев, Касымалы Баялинов, Сатыбалды Нааматов, Узакбай Абдукаимов жана Ташым Байжиевдер болучу» (111-бет), «Сатыбалды Нааматовдун ылакап аты Эпкин болгон» (52-бет) десе, Салижан Жигитов «… кыргыз совет адабиятына негиз салгандардын ичинде С.Карачев менен К.Тыныстанов экөөнөн башкалары да бар. Алардын көрүнүктүүлөрү деп Бөрү Кененсарин, Сатыбалды Нааматов, Шарип Көкөновдорду атасак болот» дейт («Унутулгус инсан», Советтик

Кыргызстан, 25.10.1989). Окумуштуулар Киреше Иманалиев менен Абдылда Мусаев “башкалар менен катар эле С.Нааматов да жаңы поэзиянын пайда болушуна жана өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде эмгек сиңирген” деп белгилешет (“Жаңы бийиктиктен”, КМ, 23.02.1989). С.Нааматовдун педагогикалык, жазуучулук эмгектери жөнүндө башка көрүнүктүү инсандардын да ушундай эле пикирлери арбын.

С.Нааматов баш аягы 41 эмгегин элине тартуулаган. Азыркы кезде анын 27си Улуттук китепканада сакталып турат.

Сатыбалды 1931-жылы Салима деген кызга үйлөнөт. Алар Сатыбалды окуугабы же командировкага барганбы, айтор Москвадан таанышат. Ал кезде Салима Москвадагы борбордук медициналык техникумдун акушердик бөлүмүндө окучу экен. Салима 1931-жылы техникумду бүтүрөт. Атайын медициналык билимдүү алгачкы кыргыз кызы. Республикалык төрөт үйүндө 36 жыл эмгектенип, миңдеген наристелердин киндигин кесип, ардактуу киндик эне аталган. 1932-жылы алар кыздуу болуп, атын Үмүт коюшкан.

Салима апанын тагдыры да татаал. Ал кичине кезинде эле ата-энеден жетим калып (Тоң районунан), Алексеев деген орус адамынын колунда тарбияланат. Аларды ата-эне катары тутуп, Алексеевдердин көзү өткөнчө катташып турган. С.Нааматовго турмушка чыкканга чейин фамилиясы да Алексеева болгон. Кийин Сатыбалдынын таекеси Ы.Абдрахмановду ата катары тутуп, бир үйдө чогуу жашап, Ы.Абдрахмановдун көзү өткөнчө бири бирине жөлөк болуп турушкан. Салима апа 1990-жылы 78 жашында Бишкекте кызы Үмүттүн колунда каза болду. Учурунда эч ким кызыкпагандыктан көп маалыматты өз башы менен кошо ала кетти. Карыр-карыганча Сатыбалдыны күттү. “Мага тирүү эле бир жерде

келалбай аргасыз жүргөндөй сезилет" деп үмүтүн үзбөй жүрүп өттү дүйнөдөн.

Сатыбалды репрессияланганда жалгыз кызы Үмүт 5 гана жашта эле. Атасын элес-булас гана билет. Үмүт кийин Москвадан Соода институтун бүтүп, соода тармагында иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Жолдошу Уманкулов Абдрахман – илимпоз-медик. Уулу Алматай, кызы Алтынай медиктер. Үмүт эже азыр неберелерин тарбиялоодо.

Эми С.Нааматовдун адамдык бейнеси жөнүндөгү пикирлерге көз жүгүртөлү. Белгилүү журналист Ш.Жамансариев "Баскан жол" деген китебинде С.Нааматов жөнүндө төмөнкүчө жазган: "Ал кишинин бийик интеллектуалдык элеси көз алдымда... С.Нааматов дайыма жарашыктуу кийинип, манап жүрөр эле. Бизге шляпа, кастюм, макентөш кийип, галстук тагынган кыргыз интеллигенти жалгыз гана ошол өңдөнүп турчу. Саал кемигирээк келген калың эрин, жазы маңдай, бозомтук жүздүү, кайраттуу калың чачтуу, орто бойлуу, арык чырай келбети жай сүйлөгөн мүнөзүнө куп келишип турчу.". Ал эми белгилилүү окумуштуу-педагог З.Бектенов "Сатыбалды акылы тунук, сыпайы, өтө билимдүү мыкты адам эле" дейт. Кыргыз эл акыны Абдрасул Токтомушев "өтө эмгекчил, токтоо сүйлөгөн, сабырдуу мырза жигит эле. Поэзияны жакшы көрөт, жашы талдайт дешчү" деген пикирди айткан. Иниси Белек Сатыбалдыны төмөнкүчө сүрөттөйт: "Сатыбалды оор-басырыктуу, сыйчыл, бирөөгө жаман айтпаган, адамга дайыма колунан келген жакшылыгын аябаган, үй-бүлөгө, ага-тууганга карамдуу, элге алымдуу, башкаларга мээрбандык менен мамиле жасаган, ишине так, калп айтканды жек көргөн, бирөөнүн үстүнөн жамандык издебеген, жатын да, жакынын да бирдей көргөн адам эле. Орто бойлуу, мурду чоңураак

сылык мүнөз адам болучу. Кызы Үмүттүн уулу Алматай таятасына окшоп кетет. Айрыкча мурду”

Эми С.Нааматовдун илимге, маданият-адабиятка кошкон салымын айта кетейин.

1) С.Нааматов сабатсыздыкты жоюуга тикелей катышкан, окуу китептерин жазган алгачкы агартуучулардын бири.

2) Казак-кыргыз эл агартуу институтун (Казинпрос) алгачкылардан болуп бүтүп жогорку билимдүү методист-педагог адистигине ээ болгон, кыргыз тилин, айрыкча алиппени окутуу усулун, башталгыч класстардын программасын алгачкылардан болуп иштеп чыккан жаш илимпоз. 1932-ж. чыккан “Тилибиздин методикасынан”, “Анык политехникелешкен мектеп үчүн күрөшүү” деген китептери даана эле илимий нукта жазылган дешет азыркы окумуштуулар.

3) Сатыбалдынын поэзиялык, прозалык чыгармалары жаңы советтик адабияттын пайда болушуна жана өнүгүүсүнө салым кошкондугу менен баалуу. “Алай” деген ырлар циклин, “Түштүктө жер төңкөрүшү” деген поэма жазган алгачкы акындардын бири.

4) “Шексиз тилек”, “Тынымкан” деген аңгеме, “Барса келбес сапар” деген повесть жазган алгачкы жазуучулардын бири.

5) “Кыргыз аялы өзү жөнүндө эмне билүү керек” деген колдонмону, “Башталгыч класстардын программасын”, Д.Фурмановдун “Козголоңун” (Кыргыз драма театрында коюлган), М.Горькийдин “Егор Булычевин” которгон алгачкы котормочулардын бири. Гоголдун “Текшерүүчүсүн” которуп басмага тапшырып, М.Шолоховдун “Тынч Дон” романын которуп жатканда репрессияланган.

6) 1928-ж. “Жөжөлөр. Молдо Сасык” деген балдар аңгемелери жарык көргөн балдар адабиятын баштоочу.

7) “Он алтынчы жыл” деген пьеса жазган алгачкы драматургдардын бири.

8) С.Карачевдин “Эрксиз күндөрдө” деген китебине сын жазган алгачкы сынчылардын бири.

9). “Кызыл Кыргызстан” гезитине, “Жаңы маданият жолунда” журналына бир катар макалаларды жазган, айрымдарын “Эпкин” деген псевдоним менен чыгарып турган алгачкы журналисттердин бири.

Сатыбалды 1928-жылдан 1935-жылга чейин 8 жылда эле жогоркудай эмгектерди калкына тартуулаган. Отуз үчүндө репрессияланган Сатыбалды 8 жылда жогоркудай орошон эмгек жаратса, кийин элге эмне деген гана эмгектерди бермек. Айтмакчы, анын чыга турган китептери (алар сөзсүз болгон) жок кылынган. Анткени, 1935-жылдын жарымынан тартып 37-жылдары бир да китеби чыккан эмес. Ал эми жогоркудай китептерди жазган адам китеп жазбай тура алмак эмес.

Урпактарына ушунча эмгек калтырып, канаты жаңыдан жетилип келатканда ар тараптуу талантын толук ачууга үлгүрө албай кеткен С.Нааматовдун ысымын Нарын университетине ыйгаруу жөнүндө өтүнүч көп мезгилден бери коомчулук тарабынан көтөрүлүп жатса да колдоого алынбай келет. Анын ысымын Бишкектин бир көчөсүнө, китепканага, мектепке берүү дагы каралууга тийиш. Анткени анын эмгеги ошого толук татыктуу.

Мен С.Нааматовдун алиппелеринин сабатсыздыкты жоюуда, жаштардын дүйнөгө болгон көз караштарын калыптандырууда өтөгөн зор кызматын, эмгектеринде сабак өтүү ыкмаларынын берилишин, илимийлигин, методикалык эмгектеринин ошол башка методикалык китептер жок кездеги баалуулугун, өздөрү чала сабат биринчи мугалимдер үчүн жол көрсөткүч болгонун, аңгемелери менен ырларынын кыргыз совет адабияты түптөлүшүнө кошкон салымын ж.б. баалуулуктарын сөз

кылбастан, жарык көргөн эмгектерин атоо менен гана чектелдим. С.Нааматов аз жашады, бирок өткөн кылымда кыргыз элинин сабатын ачууга атан төөдөй эмгек сиңирип, орошон иш жасады. Бирок ушул кезге чейин жалпы элибизге али белгисиз бойдон калып келатканы өкүндүрөт.

**Ысмайыл Кадыров,**
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер
"Назар" гезити, 18.12.2009-жыл, №50.

**С.Нааматовго**

Кыйын кезең мезгилде,
Кыйноосун тартып азаптын.
Кыркка жетпей кетсең да,
Кылымдык эмгек жасапсың.

Кадырлап элиң эстээрге,
Калыптыр кыйла эмгегиң.
Калкыңдын баалап турганы,
Кайрылып кайра келгениң.

**Ысмайыл Кадыров**

Ө.Өмүрзаковдун "Сатыбалды Нааматов – окумуштуу-педагог" деген китебине кирген ыр

# ЭСКЕРҮҮЛӨР

## Белгилүү окумуштуу-педагог Зияш Бектеновдун эскерүүсү

Энциклопедиянын иши менен 1993-жылдын 28-апрелинде З.Бектеновдун үйүндө болуп, саат 1ден 4кө чейин кеңири баарлаштым. Сатыбалды жөнүндө сураганымда ал төмөнкүлөрдү айтты эле:

Кайран гана киши! Өтө терең киши эле. Өз талантын ачып берүүгө үлгүрбөй кетти. 1928-ж. Жети-Суу институтун бүткөн. Биздин техникумга адеп келгенде эле педпрактикага жетекчи болуп келди. Бизге Нормативный грамматиканы окутчу. Анын "Кыргыз тилинин методикасы" аттуу китеби укмуштуу китеп. Анда ал кыргыз тилинин грамматикасын кандайча окутуу керектигин айтып койгон. Арабаевге окуу китептерин жаздырбай кодулап жүрүшкөндө, аны С.Нааматов алып калган.

С.Нааматов таланттуу жазуучу да болучу. "Барса келбес сапар" деген повестин бүтпөй калды. Жакшы повесть болмок. Ал К.Тыныстановдун "Академиялык кечелерине" катышкан эмес. Ал 1928-29-жылдары казакчадан "Шернияз" деген пьесаны, Фурмановдун "Козголоңун", Гоголдун "Ревизорун" которгон.

С.Нааматовдун аялы Салима Москвадан окуган. Аны Алексеев деген орус баккан. Ага чейин Сатыбалдынын сүйлөшкөн кызы болгон экен. Каникулга келгенде айылда кымыз уулап жүрүшсө, ошол сүйлөшүп жүргөн кызы ыгын таап саймаланган жүз аарчы, анан топу бериптир. Сатыбалдыга ал кыз жөнүндө ушак жеткенби, же чагымчылар алардын мамилесин бузгусу келгенби, айтор топуну төрт бүктөп төбөсүн тешип, төмөнкүдөй бир куплет

ыр жазып тешикке салып, кайра өзүнө ыргытып койгон экен.

“Калаадан көп жыл окудум,
Карындаш эми сопумун.
Кадыр-көңүл калган соң,
Кадеми катсын топуңун”

Ошол боюнча ал кыз менен кол үзүшүптүр.

Ажыйман Шабданов, Турдакун Сопиев, Курманов ж.б. анын достору болучу. Алар шерне жешчү.

Сатыбалды акылы тунук, сыпайы, өтө билимдүү мыкты адам эле. Ак жерден репрессияланып кетпедиби. Репрессия адамдарга не деген гана кордуктарды көрсөтпөдү. Репрессияланган бир киши “болбой калдым”, - деп буркурап ыйлап келатыптыр дейт, көрсө табарсыгын эзип салышкан тура иттер – деген эле.

P.S. Акыркы сүйлөмдүн маанисин атамдай болгон кишиден айбагып, ачык сурай албай калганыма өкүнөм. Мүмкүн, ал Сатыбалдыдыр. Же тек гана репрессиялангандардын көргөн кордуктары, тарткан азап-тозокторy эсине түшүп кетти бекен. Зияш агайдан оозмо-ооз жазып алгандарым ушулар. Бирок, Сатыбалды жөнүндөгү астейдил сыйлоо сезимин, бийик симпатиясын билдирип, көп эле нерселерди айткан. Күнүмдүк турмуштун көйгөйү менен жүрүп, көпчүлүгүн эстен чыгарыпмын. Айрымдарынын мааниси эсимде турганы менен, ал киши өзү айткандай жаза албагандан кийин, болжолдоп урдургум келген жок.

14-март, 1995, Бишкек.

1992-ж. 24-январда түшкү тыныгуудан кийин кабинетиме келсем Кыргыз Республикасынын эл акыны Абдрасул Токтомушев агай мени күтүп отурган экен.

- Ысмайыл сенсиңби? – деди.

- Ооба, менмин, - дедим.

Ыракмат айланайын! “Кыргыз Туусуна” чыккан Сатыбалды Нааматов жөнүндөгү макаланды окуп, ыраазычылыгымды билдирип коёюн деп келдим. Абдан жакшы иш жасапсың. Ушул адам жөнүндө кимдир биреөлөр жазар бекен деп күтүп жүрдүм эле. Сатыбалдыга жакындан тааныш болбосом да симпатиям чоң эле. Кээде кудайга да таарынасың, чолпондой болгон жигитти берип коюп кайра алганына. Ушундай жигитти жерге кантип кыясың, - деди. Кыйлага баарлашып отурдук. Сөз көбүнчө менин 1992-ж. үчтүн айынын 18инде “Кыргыз Туусуна” чыккан алгачкы агартуучулардын бири, жазуучу, 34 жашында күнөөсүз репрессияланган Сатыбалды Нааматов жөнүндө жазган “Эмгегин элге жеткирээр кез келди” деген макалам туурасында болду. Абдрасул агай менен бетме бет биринчи жолу сүйлөшүшүм.

Сенин макалаңа отклик катары 10 куплет ыр жазып “Кыргыз Туусуна” берип келатам (ал “Гүлдесте” деген ат менен “КТнын” 1992-ж. чын куран айынын 23үндөгү санына чыкты). Сатыбалды менин “Кызыл Кыргызстанга” чыккан “Дыйкандарга” аттуу ырымды жактырып, ошол кезде өзү түзгөн окуу китебине киргизген экен. Мен анда жашмын. Ошол ырым чоң акындардын ырларынын катарына кошулганына эле кубанып жүрдүм. Алыкул Осмонов аны “биздин мугалим” деп коюучу. Алыкул дагы, Кубанычбек дагы (Маликов) аны жакшы адам деп макташаар эле. Поэзияны жакшы көрөт, жакшы талдайт, өтө эмгекчил, токтоо сүйлөгөн, сабырдуу, кичине

кекечтенип сүйлөйт дешчү. Мага шыңга бойлуудай көрүнчү, деп Сатыбалды жөнүндө билгендеринин бардыгын кеп салып берди.

Абдрасул агайга андан кийин да бир нече ирет жолугуп, үйүндө да болгомун.

- Кемпиримден ажыраганыма 13 жыл болду балам, мени ушул уулум багып атат, - деп бойго жеткен уулун көрсөттү. Констрде сатып келген бозо жармасы бар экен, тартынсам болбой, "тең ичкенди темирим сүйүптүр" деп мага да ичирген. Жазуучулар союзуна өтүүгө рекомендация жазып берген. Сатыбалдыны чыгармачылыгындын бир темасы кылып, үзгүлтүксүз жазып жүр деген эле.

## Партиялык, советтик ишмер Акматаалы Карыбековдун эскерүүсү

### Унутта калчу уул эмес

"Эркин Тоо" гезитинин 2001-жылдын 28-мартындагы "Ушундай инсанды унутууга болобу?" деп аталып, кыргыз элине төбөлөрү көрүнгөн авторлор тобу тарабынан жазылган макала мени калем кармоого аргасыз кылды. Анткени, мен макалада айтылган Сатыбалды Нааматовду жакшы билчү элем, үйүндө жүрүп колунан даам таткам.

11-12 жашымда Наркомпростун инспектору Карпеков Карыбек келип, Ат-Башы балдар үйүнөн беш баланы тандап, педтехникумдан окуйсуңар деп Пишпекке жиберди. Бирок, мени жашың жетпейт деп педтехникумга албай койгондуктан мен Сатыбалды аганыкында жүрүп калдым. Ага чейин анын атын гана укчумун. Ошол учурда Сатыбалды көп сүйлөчү эмес, бирөөлөр менен сүйлөшкөндөн каччу. Көрсө, ошол мезгилде

куугунтукталып жүргөн экен. Ошентсе да анын жардамы менен кийин педтехникумда окуп калдым.

Ал 1931-жылдан 1937-жылга чейин коркуп-үркүп жашады, ал түгүл бир жолу Ат-Башыдан атасы Намат келгенде да өзү сүйлөшпөй "тезирээк кетип калсын" деп аялы Сакиштен айттырып, үйүнө жаткырбай кетирип жиберди. Намат ата капа болуп, заман ушундай, ата баланы, бала – атаны сүйбөй калган мезгил, деги балама залакам тийбесе экен дегени эсимде. 1937-жылдын жай айларында Сакиш жеңе буркурап ыйлап, түндө үч киши келип, колун байлап алып кеткенин айтты. Жеңем экөөбүз күндө НКВДнын конторуна барабыз, бизди киргизбейт, экинчи келбегиле деп кууйт. Ошол боюнча дайын-дареги билинбеген бойдон калды.

Сатыбалды өтө көп окуган, билимдүү киши эле. Түн ортосуна чейин иштеп, кагаз жазып эле отурганын көрчүмүн. Кыргыз көчөсүндө 4 бөлмө үйү боло турган. Бир бөлмөсүндө толгон токой китептери бар эле. Сабатсыздыкка каршы башталгыч класстардын окуучулары үчүн методикалык китептерди, окуу китептерин, кыргыз тилинин, адабиятынын методикасы боюнча көп сандаган китептерди жазган. Анын китептери 1937-жылга чейин мектептердеги негизги окуу китептеринен болгон. Камалгандан кийин алынып салынган. Айтор, С.Нааматов кыргыздын дагы бир чыгаан уулу Эшенаалы Арабаевдей эле элинин сабатсыздыгын жоюуда зор эмгек сиңирген, аны менен катар турууга толук акылуу инсан. Анын "Кырмамбастан", Москвадан, Украинанын борбору Киевден, Татарстандын борбору Казандан көп сандаган китептери чыкканын, Кыргызстандын мектептеринде окутулганын уккамын, өз көзүм менен көргөмүн. Сатыбалды ага Фурмановдун "Козголоң", Гоголдун "Текшерүүчү", Гоькийдин "Егор Булычев" ж.б. деген чыгармаларын кыргызчага которгонун

билем. Өзү орус тили менен казак тилин абдан жакшы билчү.

Кийин Бөрү Кененсариев ага менен таанышып, көп жолу сүйлөштүм, чогуу болдум. Ал киши Сатыбалдыны жакшы билээрин, теңтушу болгонун айтчу, Сатыбалдыны өтө жогору баалачу, таланттуу окумуштуу болмок дечү. Өтө маданияттуу, таланттуу адам экенин айтчу. Көп китептери чыкканын, Сатыбалдынын чоң кызматтарда иштеген теңтуштары көп болгонун, анын дээрлик баары эле эл душманы аталып атылып кетишкендиктерин өтө кайгыруу менен кеп салып бергени эсимде.

Айтор Сатыбалды жөнүндөгү макаланы көзүмө жаш алып окудум. Аны жазгандарга жана бетинен орун берген "Эркин Тоого" ыраазылык билдирем. С.Нааматовдун ысмын Нарын университетине берүү жөнүндөгү алардын сунушун колдойм. Анын иштеген иштери, калтырган эмгеги буга толук татыктуу деп эсептейм.

**Акматаалы Карыбеков,**
Кыргыз Республикасынын алдында
сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсиянын ээси.
Ат-Башы айылы.
"Эркин-Тоо" газетасы, 2001-жылдын 25-июлу.

## Кызы Нааматова Үмүттүн эскерүүсү

Мен ошол кезде 5 жашка чыгып баарын эле түшүнүп калган кезим болчу. Ошол кездеги жашаган турмушубуз, келген-кеткен кишилер, тууганларыбыз азыр деле көз алдыда элестеп турат, өзгөчө камакка алган күнү.

Ошол күнү абдан ысык эле. Мен чоң атамдыкынан өзүбүздүн үйгө келе жаткам, астыман Түркмөн абамдын уулу чыкты. Ал деле 8 жаштагы бала болчу, ыйлап келатыптыр. "Үмүт бар үйгө тезирээк, атаңа милиция

келди", - деди. Короого кирсем эл толуп калыптыр, эшикте чоң энелерим, туугандарыбыз ыйлап турушуптур.

Бирөөлөр мени эшиктин жанында турган милицияга "бул кызы" дешсе мени киргизишти. Үйдүн бурчунда атам, чоң атам отурушуптур. Атам мени астына отургуза койду, анан жумуштан келген апамды киргизишти. Үйдүн ичин аңтарып чыгышып, болгон китеп-кагаздарды, сүрөттөрдү чогултуп, акт түзүштү да мешокторго салышты. Анан атамдын эки колун артына карматып, машинеге салып алып кетишти. Ызы-чуу болуп таң атканча ыйладык. Чоң атам отурган жеринен тура алган жок. Эртеси апам жумушка кеткенден кийин чоң энем болуп отурсак милиция дагы келип, экөөбүздү жетелеп эшикке чыгарып коюшту да, үйдөгү эмеректин эч нерсесин калтырбай эшикке алып чыгышты. Жаан куюп жатты. Үйсүз көчөдө калдык.

Апам экөөбүздү Украинага айдалсын дегенде 1-роддомдун жетекчилери менен коллективи арызданып жатып алып калышты. Апамды жетим деп сурашты, атасы, энеси, агасы 1916-жылкы көтөрүлүштө курман болушкан, бирок атамдын Курманаалы деген иниси айдалып барып, 1 жылдан кийин келип каза болду. Ошентип бизди болсо үйдөн чыгарышты, эч ким киргизбейт, квартирге акча жок, эмеректерибиздин көбү эшиктен жок болду. Кузнечный крепостко гана бизди бир орустар киргизди, ошондо бир кичинекей бөлмөдө Түркмөн абамдын үй-бүлөсү, биз, атамдын иниси болуп 2 жыл жашадык. Чоң атам кайтыш болгуча эч кимибизди жанынан чыгарган жок.

Апам болсо бир жыл түрмөнүн эшигинин алдында жүрдү. Эки эле жолу передача алышты. Экинчисинде "пияз менен бир жаздык гана жибер" дептир. Ошол передачаны "Получил" деп записка жибериптир. Улам арызданып апам кирсе бир жылдан кийин гана он жылга кесилди, "выслали" дешиптир. Өмүр бою апам күттү. 51 жылдан

кийин өлөрүндө "Сатыбалды" деп бир нече жолу сурап каза болду. 22 жашында калган. Эң жакын эки кишинин өмүрү заматта өтүп кетти. Азыр деле аларды жаш кезиндегидей элестетем.

Чоң энем колуман жетелеп, күндө кечке жуук эшикке чыгаар эле. Бир кезде күрөң костюм, ак көйнөк, галстук тагынган атам келип, чоң энемди маңдайынан өөп, мени колуна көтөрүп алчу эле. Ошол бойдон эсте калышты.

**Маектешип, жазып алган**
**Өмүркул Өмүрзаков**,
"Сатыбалды Нааматов – окумуштуу-педагог" деген китебинен.

**Алгачкы агартуучулардын катарындагы аттуу-баштуу өкүлү Намат уулу Сатыбалдынын ысымы Нарын мамлекеттик университетине берилишин теңиртоолук Нарын эли кубанычтуу кабыл алууда.**

Кылтагына илинген чыккынчынын
Кыраан куштай кыргыздын шумкарлары,
Касым, Юсуп, Сатыбалды сыяктуу
Кажыбаган, кайра тартпас тулпарлары.

Аргасыздан түшүшкөн чыккыс торго
Айтматов Төрөкул агабыз да.
Арасында бар эле го Орозбеков
Аттуу-баштуу, атактуу балабыз да.

"Улутчул" деп кыйнашып торго салган
Урмат-сыйлуу элинин тукумдарын.
Уруп, согуп, коркутуп кордук кылган
Убагында жерге-жээк чукулдарын.

Жан кейитип кыйнаган түрмөлөрдө
Жаналгычтан кутулууга арга барбы.
Жалпы “элдин душманы” деп жарга такап,
Жасап жатты ар кандай аргаларды.

Акыр заман башталган ал убакта
Ар бир чыгаан кыргыздын балдарына.
“Алаш ордо” курууга катышты деп
Атып турган кадырман чалдарын да.

Айла кеткен ошондой тополондун
Арасында Сатыбалды бар эле го!?
Аттанып билим жолго башын сайган
Атагы чыгып калган жан эле го!?

Билимди алып келген сергек жигит
Боордош казак элдин борборунан.
Биринчи жарык көргөн “алиппелери”
Башаты илимпоздун колдорунан.

Сатыбалды киришкен башы менен
“Сабатсыздык жоюу” деп ишин баштап.
Салабаттуу жактарын элине арнап,
Сабатсызын калтырып артка таштап.

Каран түн башка түшүп ойдо жокто
Касымдын шакирти деп кармалышып.
Кайрымдуу иштеринин кылганына
Карөзгөй, ичи тарлар арданышып.

Саясатта сасык ойлуу душманга
Сатып турган бирин бири каралап.
Кыргыз элдин кыйындары жок болгон
Кыйын заман жүрөктөрүн жаралап.

Чыгарышпай чым алдына бастырып
Чыркыратып чындыгыңды тепсеген.
Чымыны бар чыгаан элдик кулундар
Чындыгында чын оюна жетпеген.

Канатын кайрып турган учкус кылып
Кан ичээр канкорлордун кылгандыгы.
Кадырман кыргыз элдин жигиттери
Калышкан кандуу жылдын курмандыгы.

Кайрымдуу бере турган иштери көп
Канатын күүлөп калган шумкар эле.
Калкы үчүн Сатыбалды өзгөчө бир
Кастарлап чаба турган тулпар эле.

Аттанып илим билим курамына
Акыл-эс толуп турган убагында.
Аттиң ай ажал деген ушул экен
Атылган  отуз үч жаш курагында.

Ак дилден Өкмөткө ыраазыбыз
Ага-тууган, жалпы элдин агынан.
Атын берди окуу жайга Өкмөт
Алкоо болсун кары-картаң жашынан.

Үч уктаса түшкө кирбес жаңылык
Үмүт кызы кубангандан ыйлады.
Атасынын аты калды түбөлүк,
А да болсо Өкмөттүн сыйлары.

Ат көтөргүс эмгек кылды Өкмөт,
Арбагында колдоп жатаар чынында.
Агартуунун чыйыр салган өкүлү
Аты калды өчпөй турган кылымга.

Теңир тоонун ушул окуу жайынан
Тереңирээк билим алсын жаштары.
Наамат уулу Сатыбалды аты деп
Нарктуу болуп, ачык болсун асманы.

**Токтаалы Жапаров, жердеши, врач, эмгек ардагери**

**Салима Алексеева (Нааматова)**

## АЛ ЖЫЛДАРДА МЕН

Ал жылдарда жаңыдан гана эс тартып келе жатканмын, эми, ал кезде башымдан кандай оорчулуктар өткөндүгүн эстейм, боолголойм, сураштырып аныктайм.

Балыкчы району, Күн батыш сельсоветине караган жерде 1913-жылы туулгамын. 1916-жылда 6 баш бүлө экенбиз: атам Турдуманбет, энем, чоң энем, эжем, иним, мен. Музоолуу уюбуз жана атыбыз гана болгондуктан, турмушубуз абдан оордук менен өткөн. Шорпону коңшулардан ууртап татканбыз, токочко да жөндүү тоюнбаганбыз; эжем жаңы көйнөк кийсе эски көйнөк сиңдиге жамаачыланып тийчү эле.

1916-жылдын июлу болсо керек. Көтөрүлүш башталып, кандар төгүлүп жаткандай. Атамдын колунда кыргыз устасы жасаган найза; күнү-түнү уйку көрбөйт. Атама санааркап, биз аз уктайбыз. Мылтык тарс эткенде, кулагыбызды басып, кичинекей кара үйүбүзгө кире качабыз.

Августун экинчи жарымында эл үркө баштады. Түнкүсүн көчөт экенбиз дешип, балдар сүйүнүп жүрсөк да, бирок биздики эмнеликтендир, көчпөй калды. Качууга унаабыз болбогондуктан, унаалуу байлар бизге унааларын бербегендиктен кача албагандыгыбызды атабыздан түшүндүк. Качкандар Какшаалга кетишти.

1917-жылдын башында эле, Какшаалга качып барган алсыздар жөөлөп-жалаңдап, кийимсиз, тамаксыз кайта келе башташты. Булар келгенде, биз жакта да ачкачылык, сабоо, талоо арбыган эле. Дыйканбай деген кедейди айылыбыздагы Эсенгул

деген манап орустун кулактарына өлтүрткөн; атамды, телмирип калсын деп апийимди ототпой койгон: шылтоолорду таба келип, бизди музоолуу уюбуздан да ажыраткан, үйүбүздө мал жок, дан жок, атам иштөөгө жумуш жок болууга Эсенгул манап башкы себепкер болгон. Мынакей, турмушубуз ушундайча болуп, оордошкондон оордошо берген, бир жагы багуунун начардыгынан, экинчи жагы кызылчадан 1917-жылда иним өлдү.

Караколдо турмуш түзүк дейт деп угуп, атам бизди Караколго ташып жөнөдү. Бирок, мындагы турмушубуз дагы эң жайсыз болуп чыкты.

Ушул Караколдо 13 жаштагы эжемди мурунку кайындары алып кетти. Казан-аяк, жууркан-төшөктөрдүн калган-каткандарын саттык. Эшек алдык. Эми, Кызыл Суу макталды. Эшекке жүгүбүз артылды; атабыз менен энебиз балдарды аркасына көтөрүштү.

Кызыл Сууга жөнөштү. Кызыл Сууда орустарда иштөөгө жумуш коп деп бардык. Бирок мында да турмуш абдан жайсызданып, элүү аша жашаган чоң энем дорбосун асынып, тааныштардан дан сурап келүү үчүн жөнөдү да, ошо бойдон дайынсыз жоголду.

Атам Кызыл Суунун кулактарына малайлык кылат. Ал кезде кыргыз малайларды орус кулактары абдан коп өлтүрүп турган экен. Мына ошо айбалта тийген көп өлүмдүн бири менин атама жетиптир. Атамдын кандайча өлгөнүн, өлүгү кайда калганын көрбөй калдым. «Атаң эми жок» - деп энем буркурап мага ыйлап жүргөнүн, энемдин жашына жаш кошуп эчкирип мен ыйлаганымды гана билем. Энем экөөбүзгө толук кайырчылыктын күнү тууду. Кайырчынын кандай турмушта жүрөөрү белгилүү го.

